Макалада агрардык сектордогу «инвестиция» термининин экономикалык маңызы изилденди. Агрардык секторго инвестициялар туруктуу узак мөөнөттүү киреше алып келүүгө жардам берген келечектүү инвестициялар болуп эсептелет, анткени айыл чарба продукциялары стратегиялык мүнөзгө ээ. Бул азыркы экономикада агрардык секторго инвестициялар эң кирешелүү жана эң чоң мааниге ээ экендигин билдирет. Кыргыз Республикасынын айыл чарба тармагына инвестицияларды тартуу структурасы, аймактар боюнча инвестициянын жалпы үлүшү талдоого алынган. Инвестициялык потенциал фактордук мамиленин негизинде ачылат. Кыргыз Республикасынын аймактарынын айыл чарба тармагына инвестиция тартуунун өзгөчөлүктөрү келтирилип, алардын көйгөйлөрү белгиленди. Ошондой эле айыл чарба тармагындагы инвестициялык жагымдуулукту жогорулатуу үчүн сунуштар айтылды. Айыл чарба тармагына инвестицияларды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн ар түрдүү долбоорлор менен иш алып баруу жагы сунушталды. Мамлекеттин айыл чарба тармагына инвестиция тартуу жаатындагы мамлекеттик реформалар каралууда.

**Ачкыч сөздөр:** *инвестиция, инвестициялык жагымдуулук, агрардык секторго инвестициялар, айыл чарбасы, агрардык реформалар, рыноктук механизмдер, инвестициялык процесстер, натыйжалуулук.*

## *ИНВЕСТИЦИИ – ГЛАВНЫЙ ФАКТОР РАЗВИТИЯ СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННОЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ*

**Аннотация**

В статье рассматривается экономический смысл термина «инвестиции» в аграрном секторе. Инвестиции в аграрный сектор считаются перспективными инвестициями, которые помогают генерировать стабильный долгосрочный доход, поскольку сельскохозяйственная продукция имеет стратегический характер. Это означает, что в современной экономике инвестиции в аграрный сектор являются наиболее выгодными и важными. Проанализирована структура привлечения инвестиций в аграрный сектор Кыргызской Республики, общая доля инвестиций по регионам. Инвестиционный потенциал раскрывается на основе факторного подхода. Приведены особенности инвестирования в аграрный сектор регионов Кыргызской Республики, отмечены их проблемы. Также были даны рекомендации по повышению инвестиционной привлекательности в аграрном секторе. Предлагалось работать с различными проектами по повышению эффективности использования инвестиций в аграрном секторе. Рассматриваются государственные реформы в сфере инвестиций в аграрный сектор государства.

***Ключевые слова:*** *инвестиции, инвестиционная привлекательность, инвестиции в аграрный сектор, сельское хозяйство, аграрные реформы, рыночные механизмы, инвестиционные процессы, эффективность*

## *INVESTMENT IS THE MAIN FACTOR IN THE DEVELOPMENT OF THE AGRICULTURAL INDUSTRY OF THE KYRGYZ REPUBLIC*

**Abstract**

The article examines the economic meaning of the term “investment” in the agricultural sector. Investments in the agricultural sector are considered to be promising investments that help generate stable long-term income as agricultural products are strategic in nature. This means that in a modern economy, investments in the agricultural sector are the most profitable and important. The structure of attracting investments in the agricultural sector of the Kyrgyz Republic, the total share of investments by region, are analyzed. Investment potential is revealed based on the factor approach. The features of investing in the agricultural sector of the regions of the Kyrgyz Republic are given, and their problems are noted. Recommendations were also given to increase investment attractiveness in the agricultural sector. It was proposed to work with various projects to improve the efficiency of investment in the agricultural sector. State reforms in the field of investment in the agricultural sector of the state are considered.

***Keywords:*** *investments, investment attractiveness, investments in the agricultural sector, agriculture, agrarian reforms, market mechanisms, investment processes, efficiency.*

**Киришүү.** Инвестициялар өлкөнүн рыноктук экономикасынын кайсы гана тармагын болбосун өнүктүрүүдө, анын ичинде айыл чарба секторун калыбына келтирүүдө жана өнүктүрүүдө өзгөчө роль ойнойт.

Инвестициялар – бул ар кандай тармактардагы ишканаларга, ишкердик долбоорлорго, социалдык-экономикалык программаларга жана инновациялык долбоорлорго киреше алуу максатында өз өлкөсүндө же чет өлкөдө мамлекеттик же жеке капиталдын «узак мөөнөттүү салымдары».

Агрардык секторго багытталган инвестициялар туруктуу, узак мөөнөттүү киреше алып келүүгө жардам берген келечектүү инвестициялар болуп эсептелет, анткени айыл чарба продукциялары стратегиялык мүнөзгө ээ. Бул азыркы экономикада агрардык секторго инвестициялар эң кирешелүү жана эң чоң мааниге ээ экендигин билдирет. Бул тармакка инвесторлорду тартуу үчүн мамлекет бир катар программаларды иштеп чыгууда. Айыл чарба тармагына инвестиция тартуунун өзгөчөлүктөрүн баса белгилеп кетүүбүз керек. Айыл чарба тармагына жумшалган инвестиция тез кайтарым бербейт. Мисалы, себилген жер даярдоону, эгиндерди себүүнү, кам көрүү, андан кийин түшүмдү жыйноо, туура сактоо жана андан ары сатууну талап кылат. Инвестициялар пайда алып келиши мүмкүн, бирок, мисалы, өнөр жай инвестициялары сыяктуу тез эмес.

Кыргызстандын айыл чарба тармагы кыйроого учурап жаткан заманбап шарттарда бул тармакка инвестиция тартуу анын өнүгүүсүндөгү эң маанилүү факторлордун бири болуп саналат. Аларга айыл чарба өндүрүшүнүн бардык тармактары: материалдык-техникалык каражаттарды чыгаруучу тармактар, айыл чарбасы жана кайра иштетүүчү өнөр жай керек. Өлкөнүн саналып өткөн аймактарынын арасында айыл чарбасы өзгөчө орунду ээлейт, анткени бул аймакта алгачкы продукция кайра иштетүү тармактары үчүн өндүрүлүп, акырында анын туруктуу ишмердүүлүгүнүн негизи болуп саналат. Айыл чарба тармагы көптөгөн кемчиликтерге жана кыйынчылыктарга дуушар болуп, бул өндүрүштүн жогорку чыгымдарына алып келет. Атаандаштык менен камсыз кылуу айыл чарбасын жана айыл чарба өндүрүшүн санариптештирүү аркылуу өнүктүрүү мүмкүн [1, 4, 5].

Маанилүү көйгөйлөрдүн бири – айыл чарба тармагына инвесторлорду тартуу. Өзүнүн өзгөчөлүгү жана эффективдүүлүгүнүн төмөндүгү боюнча айыл чарба тармагы башка тармактардан төмөн.Инвесторлорду тартуу биринчи кезекте мүлктүн инвестициялык жагымдуулугунан көз каранды. Башкаларга салыштырмалуу тигил же бул аймактын инвестициялык жагымдуулугун аныктоо үчүн төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:

- аймактын экономикалык потенциалы (жаратылыш-климаттык шарттар, инфраструктуралык объекттер, региондук адистештирүүнүн өзгөчөлүктөрү ж.б.);
- аны пайдалануунун натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү (анын ичинде эмгек ресурстары, негизги жана жүгүртүү каражаттары, жер семирткичтер ж.б.);
- капиталдык салымдардан күтүлгөн эффект.

Инвестор Кыргызстанга келгенде сөзсүз өлкөдөгү инвестициялык климатка басым жасайт [2]. Ал, биринчи кезекте, инвесторлор көңүл бурган негизги факторлордун бири – инвестициялык мыйзамдар. Айыл чарбасынын тармактык өзгөчөлүктөрү да эске алынат, мисалы, өндүрүштүн табигый-климаттык шарттарга көз карандылыгы, капиталдын жогорку сыйымдуулугу, социалдык-өндүрүштүк инфраструктуранын өнүгүшү, мамлекеттик жөнгө салуу чараларынын болушу (бюджеттик инвестициялар, айыл чарба продукциясын мамлекеттик сатып алуу, салык жана кредиттик жеңилдиктер ж.б.).

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Илимий макаланын максаты – инвестициялык климатты жакшыртуу боюнча чараларды колдонуу, республиканын экономикасына инвестицияларды тартуунун абалы эң курч жана чечилбеген көйгөй бойдон калууда.

Милдеттери ички рынокту азык-түлүк товарлары менен толтуруу, аларды өндүрүүдө өзүн-өзү камсыздоого жетишүү жана өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу. Бул милдеттерди натыйжалуу ишке ашыруу калкты иш менен камсыз кылуу, калктын жыргалчылыгын жогорулатуу, шаарлар менен айылдарды көрктөндүрүү сыяктуу социалдык милдеттерди чечүүгө мүмкүндүк берет.

Изилдөөнүн объектиси болуп айыл чарбасын өнүктүрүү жана азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо болуп саналат. Кыргыз Республикасынын айыл чарба агроөнөр жай кластерлерин өнүктүрүү боюнча 9 негизги социалдык маанилүү айыл чарба товарлары боюнча, анын ичинде: эт, сүт, жашылча, жемиш, кант, өсүмдүк майы, картошка, жумуртка жана дан, ыктыярдуу негизде кластерлерди түзүү жөнүндө түзүлгөн макулдашуулардын негизинде кошумча 7 багыт боюнча кластердик бирикмелер түзүлгөн: балык, пахта, жүн жана тери, бал, буурчак өсүмдүктөрү, жаңгак-мөмө өсүмдүктөрү (грек жаңгагы жана токой продукциясынын башка түрлөрү), органикалык өндүрүштүн кластери.

**Изилдөөнүн предмети**. Кыргызстандын экономикасынын маанилүү тармагы болгон агрардык секторду өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын изилдөө болуп саналат.

**Изилдөөнүн методологиялык негизин** жалпы илимий жана атайын төмөнкү методдордун жардамы менен түзүлдү: анализ жана синтез, эксперттик баалоо ыкмасы, системалык жана кырдаалдык талдоо, ар кандай статистикалык агрегаттарды салыштыруу ыкмалары, социалдык-экономикалык процесстерге баа берүүнүн логикалык, системалуу жана комплекстүү мамилелери жана башкалар.

Төмөнкү динамикада 2019-жылы чет элдик инвестицияларды тартуунун көлөмү 1076,9 млн. АКШ долларына жеткен. Бирок, 2020-жылы анын көлөмү кескин төмөндөп, 537,6 миллион АКШ доллар деңгээлине жеткен. Инвестициялардын тармактык структурасы идеалдуу эмес экенин да белгилей кетүү керек [3].

1-таблица**.** 2022-жылы Кыргыз Республикасында аймактар жана экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча тике чет өлкөлүк инвестициялардын түшүүсү (млн. АКШ доллары)

| | Кыргыз Республикасы | Баткен облусу | Жалал-Абад облусу | Ысык-Көл облусу | Нарын облусу | Ош облусу | Талас облусу | Чүй облусу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баары** | **1202,6** | **36,7** | **511,2** | **1,0** | **0,1** | **41,7** | **127,9** | **180,2** |
| Айыл чарба, аң уулоо жана токой чарбасы | 3,4 | 0,0 | 0,1 | 0,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 2,3 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, бардык өздөштүрүлгөн инвестициялардын ичинен айыл чарбасынын үлүшү дээрлик нөлгө барабар, бул айыл чарба тармагынын төмөн

жагымдуулугун көрсөтөт. Инвестициялардын олуттуу бөлүгү экономиканын реалдуу секторун өнүктүрүүгө жана соодага жана кызмат көрсөтүүгө, атап айтканда, тоо-кен казып алуу, кайра иштетүү өнөр жайына, дүң жана чекене соодага, финансылык ортомчулукка жана камсыздандырууга жумшалат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жылдык жыйынтыктоочу отчетунда өлкөнүн 2022-жылга карата айыл чарбасы боюнча төмөнкүдөй маалыматтар берилди.

2-таблица. Аймактар боюнча учурдагы баалар боюнча 2022-жылга айыл чарба продукциясынын ИДПсынын көлөмү (млн. сом)

| | Кыргыз Республикасы | Баткен облусу | Жалал-Абад облусу | Ысык-Көл облусу | Нарын облусу | Ош облусу | Талас облусу | Чүй облусу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баары** | **358 324,2** | **24 805,8** | **69 705,5** | **43 228,6** | **25 005,2** | **71 999,4** | **28 182,5** | **93 163,6** |
| Айыл чарба | 345 293,6 | 24 219,4 | 68 131,9 | 41 960,2 | 24 246,7 | 70 386,7 | 26528,0 | 88 399,3 |
| Өсүмдүк өстүрүү | 177 432,8 | 11 711,7 | 38 561,1 | 18 484,0 | 6 216,7 | 35 891,6 | 18 334,3 | 47 287,4 |
| Мал чарбасы | 167 860,8 | 12 447,7 | 29 570,8 | 23 476,2 | 18 039,0 | 34 495,1 | 8 193,7 | 41 111,9 |
| Айыл чарбасына кызмат көрсөтүү | 8 263,0 | 540,7 | 1 136,4 | 654,4 | 480,3 | 1 554,1 | 1 209,3 | 2 330,5 |
| Аң уулоо | 50,5 | - | - | 7,5 | 22,0 | - | 1,3 | - |
| Токой чарбасы | 529,9 | 45,7 | 181,9 | 97,1 | 73,5 | 51,3 | 27,9 | 32,1 |
| Балык уулоо | 4 187,2 | - | 255,3 | 509,4 | 182,7 | 7,3 | 416,0 | 2 401,7 |

Алсак, 2022-жылы өлкө боюнча жалпысынан 358,3 миллиард сомдук айыл чарба продукциясы өндүрүлгөн. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, алдыңкы аймактар Чүй, Ош жана Жалал-Абад облустары. Тилекке каршы, демографиялык, географиялык-климаттык шарттарга жана башка маселелерге байланыштуу Баткен жана Нарын облустары артта калган аймактардын катарына кирет.

Бул каражаттар кластердик бирикмелердин катышуучуларына жеңилдетилген кредиттик каражаттар түрүндө 3 жылдан 5 жылга чейин жылдык акыркы пайыздык чен менен бардык категориялар үчүн күрөөсүз жана салыксыз камсыздоо менен “Айыл Банк” ААКу жана “РСК Банк” ААКу аркылуу бөлүнөт. 2023-жылдын 16-январына карата

“Агроөнөр жай комплексин кредиттөө” долбоорунун алкагында 3,5 млрд. сом бөлүнгөн, анын ичинен “Айыл Банк” ААКу – 1,8 млрд. сом жана “РСК Банк” ААКу – 1,7 млрд. сом, жалпысынан 2718,9 млн. сом суммасында 2381 кредит берилген.

Агрардык секторго рыноктук механизмдер, кластердик система киргизилип, заманбап күнөскана чарбаларын түзүү, балчылык, канаттуулар чарбасы жана башка ушул сыяктуу өзгөчө багыттарды тездетүү менен өнүктүрүү, ошондой эле экинчилик күзгү себүү практикасын кеңейтүү жашылча өсүмдүктөрүнүн жана чарбалык терең структуралык реформалар көмөктөшөт. Мунун баары ички жана тышкы инвесторлорду тартууга жардам берет.

Өлкөнүн айыл чарба тармагында мамлекеттик деңгээлдеги инвестиция маанилүү. Ички инвестициянын жалпы курамынын ичинен мамлекеттик инвестициянын үлүшү 14%ды гана түзөт. Эң чоң үлүштү ишканалардын, банктардын жана үй чарбаларынын каражаттары түзөт.

Инвестициялардын мамлекеттик деңгээлде келиши үчүн жагымдуу экономикалык рыноктук чөйрөнү калыптандырууну камсыз кылуу зарыл. Буга айыл өнөр жайынын өзгөчөлүктөрүн эсепке ала турган башкаруу механизмин киргизүү жолу менен жетишүүгө болот.

Инвестицияларды тартуу татаал иш, бирок анын натыйжалуу пайдаланылышын камсыз кылуу андан да кыйын. Айыл чарба тармагына инвестицияларды пайдалануунун натыйжалуулугу эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулашы, дүң продукциянын өсүшү, өндүрүштүн капитал сыйымдуулугунун төмөндөшү ж.б. Өлкөнүн агроөнөр жай комплекси, өзгөчө региондор туш болгон шарттарда айыл чарба тармагына инвестиция салууга кызыкдар инвесторлорду табуу эң чоң көйгөй болуп саналат.

Айыл чарбасын мындан ары өркүндөтүү жана өнүктүрүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 9-январындагы №461 “Кыргыз Республикасын 2021-2023-жылдарга социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолу жөнүндө” токтому кабыл алынган. Токтомдо инвестиция тартууну башкаруунун өзүнчө структурасы каралган. Кошумчалай кетсек, Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 2023-жылдын 20-февралында «Бир айыл – бир продукт» улуттук экономикалык долбоору (БАБП) жөнүндө» Жарлыкка кол койгон. Бул Жарлыкта жергиликтүү ресурстардын эсебинен сапаттуу продукция өндүрүү, өндүрүүчүлөрдүн бизнести башкаруу, маркетинг жана сатуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, жергиликтүү жана эл аралык рыноктордо продукцияны жылдыруу, жергиликтүү бренддерди түзүү жана продукцияга кошумча нарк кошуу жагынан көндүмдөрдү өнүктүрүүнү карайт. Кыргыз Республикасында БАБП долбоору Ысык-Көл облусунда бир нече жылдан бери ишке ашырылып келе жатат жана иш орундарын түзүү жана өндүрүлгөн продукцияны экспорттоодон түшкөн пайда түрүндө оң натыйжаларды көрсөтүүдө. Долбоордун негизги иш-чаралары жергиликтүү жамааттардын туруктуу иштешине өзгөчө басым жасоо менен БАБП ыкмасы аркылуу чакан бизнести илгерилетүүнүн туруктуу моделин жайылтууга, кирешелүү БАБП продукциясын өндүрүүнү көбөйтүүгө, алардын сапатын жакшыртууга жана туруктуу, өзүн-өзү өнүктүрүүгө багытталган өз алдынча система.

Долбоордун негизги максаттары:

- чет өлкөлүк инвестицияларды, жеңилдетилген кредиттерди жана техникалык жардамды (гранттарды) тартууга катышуу, долбоорлорду башкаруунун принциптерине

ылайык инвестициялык долбоорлорду өз убагында жана натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылуу;

- тендердик (конкурстук) аукциондорду белгиленген тартипте өткөрүүнү, келишимдерди түзүүнү, ыйгарым укуктуу органдар тарабынан алардын экспертизадан өткөрүлүшүн камсыз кылуу;

- улуттук мыйзамдарга, тиешелүү эл аралык финансылык институттардын жана чет өлкөлүк мамлекеттик финансы уюмдарынын эл аралык эрежелерине жана жол-жоболоруна ылайык жабдууларды, материалдарды жеткирүүгө жана түзүлгөн келишимдер боюнча жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү аткарууга мониторинг жүргүзүү.

**Корутунду.** Республиканын агрардык секторуна инвестициялоо менен байланышкан актуалдуу көйгөйлөрдү чечүүгө заманбап мамилелер айыл чарба секторунун туруктуу, эффективдүү, рационалдуу иштеши үчүн шарттарды кеңейтүүнү камсыздай алат. Ошентип, Кыргыз Республикасынын агрардык секторунда инвестициялык потенциалды андан ары өнүктүрүү үчүн инвестициялоонун учурдагы формаларын жана ыкмаларын өркүндөтүү зарыл.

Жогоруда айтылгандардын негизинде биз төмөндөгүлөрдү сунуштайбыз:

- жогорку агротехникалык нормаларды колдонуу менен жердин сапатын жакшыртууну;

- айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жана мал чарба продукциясынын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн илимий-селекциялык жана тажрыйба станцияларын өнүктүрүүнү;

- лизинг аркылуу жаңы айыл чарба техникаларын алууга жана инновациялык иш-чараларды киргизүүнү;

- элиталык айыл чарба өсүмдүктөрүн жана мал чарба азыктарын өстүрүү боюнча чет мамлекеттердин алдыңкы тажрыйбасын өздөштүрүүнү;

- жеңилдетилген жана жеткиликтүү кредиттерди берүү аркылуу фермерлердин жана фермердик чарбалардын финансылык абалын колдоону;

- чарбалардын, кооперативдердин жана алардын бирикмелеринин жетекчилерин жана адистерин окутууну жана кошумча кеңештерди берүүнү.

Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн айыл чарба тармагында түп-тамырынан бери өзгөрүүнү жана реформаларды жүргүзүүнү талап кылат.

Биздин изилдөөлөр мамлекет республиканын айыл чарбасын колдоо боюнча жигердүү кадамдарды жасап жатат деген тыянакка алып келет: чет элдик инвестицияларды тартуу, ошондой эле айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө финансылык жардам көрсөтүү, инвестициялык ишти жөнгө салган мыйзамдарды кабыл алуу.

Биз жогоруда белгилеген багыттар боюнча облустун айыл чарба тармагын өнүктүрүү боюнча мамлекет өзүнүн саясатын күчөтүшү керектигин белгилегибиз келет. Бирок азырынча мунун баары биздин айыл чарба өндүрүүчүлөрүбүздү дүйнөлүк атаандаштыкка жөндөмдүү рынокко алып келе турган деңгээлди багындырууга алсыз.

## Колдонулган адабияттар:

1. Баймуратов А.А., Цифровизация как основной приоритет конкурентоспособного развития сельского хозяйства Кыргызской Республики / Баймуратов А.А., Зикираев М.Т. / Вестник МНУ имени К.Ш.Токтомаматова №3, 2022.

2. Зулпуева А.М., Краткий анализ внутренних и внешних источников инвестиций в Киргизскую Республику / Зулпуева А.М., Парпиева Ф.С., Керимбаева Т.Э. /Бюллетень науки и практики / Т. 6. №6. 2020.
3. Кыргыз Республикасындагы инвестициялар 2018-2022. - Б.: Улутстатком Кырг. Респ., 2023. 224 б. ISBN 978-9967-26-838-8
4. Рыскулбеков, И. А. Экономический потенциал аграрного сектора экономики Таласской области: проблемы и перспективы его развития в условиях интеграции / И. А. Рыскулбеков // Вестник Ошского государственного университета. – 2023. – № 3. – С. 113-122. – DOI: 10.52754/16948610_2023_3_13. – EDN: IJPKHT.
5. Эргашбаева, М. Айыл чарба ишканаларынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатунун экономикалык механизмдерин түзүү / М. Эргашбаева, Б. Т. Максытова // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Экономика. – 2022. – No. 1(1). – P. 19-26. – EDN: ZRJQOC.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ЭКОНОМИКА**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ЭКОНОМИКА

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. ECONOMICS

**e-ISSN: 1694-8734**
№1(4)/2024, 18-23

**УДК: 336.221.262**
**DOI:** 10.52754/16948734_2024_1(4)_3

# ЕВРАЗИЯЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК ИНТЕГРАЦИЯНЫН ШАРТЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ АУДИТОРДУК ИШТИ ӨНҮКТҮРҮҮ

## РАЗВИТИЕ АУДИТА В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ В УСЛОВИЯХ ЕВРАЗИЙСКОЙ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ ИНТЕГРАЦИИ

## DEVELOPMENT OF AUDITING IN THE KYRGYZ REPUBLIC IN THE CONDITIONS OF EURASIAN ECONOMIC INTEGRATION

**Токторов Кубаныч Кадырмаматович**
*Токторов Кубаныч Кадырмаматович*
*Toktorov Kubanych Kadyrmamatovych*

**д.э.н., доцент, Ошский государственный университет**
*э.и.д., доцент, Ош мамлекеттик университети*
*Doctor of Economic Sciences, Associate Professor, Osh State University*
*toktorov@mail.ru*

---

**Ташкулова Гульэра Бегимкуловна**
*Ташкулова Гульэра Бегимкуловна*
*Gulera Begimkulovna Tashkulova*

**к.э.н., доцент, Ошский государственный университет**
*э.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети*
*Candidate of Economics, Associate Professor, Osh State University*
*tashkulova.g@mail.ru*

---

**Чынтурганова Гулнур Чынтургановна**
*Чынтурганова Гулнур Чынтургановна*
*Chynturganova Gulnur Chynturganovna*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's student, Osh State University*

---

**Раимбердиев Мыктыбек Курганбекович**
*Раимбердиев Мыктыбек Курганбекович*
*Raimberdiev Myktybek Kurganbekovich*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's student, Osh State University*

# ЕВРАЗИЯЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК ИНТЕГРАЦИЯНЫН ШАРТЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ АУДИТОРДУК ИШТИ ӨНҮКТҮРҮҮ

**Аннотация**

Макалада Кыргызстандагы аудитордук ишмердүүлүктүн абалы, Евразиялык биримдикке мүчө-мамлекет катары аудитинин эрежелеринин ага тиешелүү ченемдик жана мыйзам актылардагы өзгөрүүлөр, ЕАЭБ аймагында аудитордук кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү бирдиктүү рыногун түзүү маселелери каралат.

**Ключевые слова:** *аудитордук кызмат, аудиторлор жана аудитордук уюмдар, ЕАЭБ, бирдиктүү рынок, Аудиттин эл аралык стандарттары.*

## *РАЗВИТИЕ АУДИТА В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ В УСЛОВИЯХ ЕВРАЗИЙСКОЙ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ ИНТЕГРАЦИИ*

**Аннотация**

В статье рассматривается состояние аудиторской деятельности в Кыргызстане, изменения правил проведения аудита как государства-члена Евразийского Союза в соответствующих нормативных и законодательных актах, вопросы создания единого рынка развития аудиторских услуг в ЕАЭС.

***Ачкыч сөздөр:*** *Аудиторская служба, аудиторы и аудиторские организации, ЕАЭС, единый рынок, международные стандарты аудита.*

## *DEVELOPMENT OF AUDITING IN THE KYRGYZ REPUBLIC IN THE CONDITIONS OF EURASIAN ECONOMIC INTEGRATION*

**Abstract**

The article examines the state of audit activity in Kyrgyzstan, changes in the rules of auditing as a member state of the Eurasian Union in the related normative and legislative acts, issues of creating a single market for the development of audit services in the EAEU region.

***Keywords:*** *Audit service, auditors and audit organizations, EAEU, single market, international auditing standards.*

Кыргыз Республикасында көз карандысыз аудит кыска тарыхка ээ, аудиторлордун ишин жөнгө салуучу биринчи ченемдик документ 1993-жылы жарыяланган. Бирок аудиттик ишмердүүлүктү өнүктүрүү финансылык отчеттуулуктун объективдүүлүгүн жана ачыктыгын камсыз кылуунун жана ата мекендик экономикага инвестицияларды тартуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүнүн жана аудиторлордун кесиптик көз карандысыздыгын камсыз кылуунун маанилүү шарты болуп саналат.

90-жылдардын башында эле эгемендүү мамлекет курууну максат кылган Кыргызстан үчүн, улуттук бухгалтердик эсеп жана аудит системасын рынок экономикасынын талаптарына жана эл аралык стандарттарга ылайыкташтыруу эффективдүү менчиктин практикасын өркүндөтүүнү, башкарууну жана инвестицияларды тартууну камсыз кылаары айкын болду.

Коомчулуктун аудитордук ишмердүүлүк жана жалпысынан аудит жөнүндө түшүнүгүнүн төмөндүгүнө карабастан, 90-жылдардын аягына чейин аудитордук ишмердүүлүктү жөнгө салуучу бир нече ченемдик укуктук актылар иштелип чыккан, анын ичинде эл аралык экспертизалардан кийин 1998-жылдын 26-июнундагы Кыргыз Республикасынын “Аудитордук иш жөнүндө” Мыйзамы.

Аудитти андан ары өнүктүрүү жана аны Бухгалтерлердин Эл аралык федерациясы тарабынан иштелип чыккан Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык келтирүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 22-апрелинде “Кыргыз Республикасындагы аудиттин эл аралык стандарттары жөнүндө” токтомунун негизинде, Кыргыз Республикасында Аудиттин стандарттары бекитилген.

2023-жылдын 19-январында Бухгалтерлердин Эл аралык федерациясы (IFAC) Кыргыз тилиндеги Аудиттин эл аралык стандарттарын (ISA) бекитүү чечимин кабыл алган.

Акырыкы маалыматтар боюнча көз карандысыз аудиттин субъекттеринин саны жыл сайын өсүүсү байкалат.

1-таблица. Кыргыз Республикасындагы аудитордук фирмалар жана аудиторлор 2003-2022 - жылдар үчүн

| ***Көрсөткүчтөр*** | **2003** | **2005** | **2009** | **2013** | **2015** | **2020** | **2023** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Аудитордук фирмалар, Анын ичинде региондор боюнча:** | **8** | **38** | **58** | **8 2** | **101** | **119** | **137** |
| - Бишкек | 6 | 33 | 50 | 67 | 83 | 96 | 114 |
| -Ош | 2 | 4 | 6 | 12 | 13 | 13 | 14 |
| -Чүй | - | 1 | 1 | 1 | 1 | 3 | 3 |
| - Жалал Абад | - | - | 1 | 2 | 2 | 4 | 4 |
| - Ысык-Көл, Нарын | - | - | - | - | 1/1 | 1/1 | 1/1 |
| **Сертификатталган аудиторлор, адамдар.** | **23** | **92** | **181** | **294** | **325** | **447** | **54** 4 |

*[2] маалымат булагынын негизинде автор тарабынан түзүлгөн.*

Кыргыз Республикасынын аудитордук кызмат көрсөтүүлөр рыногунда аудитордук иш-аракеттерди “Чоң төрттүккө” кирген эл аралык аудитордук компаниялардын өкүлдөрү

жүргүзүшөт: Делойт энд Туш ЖЧКсы , “KPMG –Бишкек” ЖЧКсы , “ПрайсуотерхаусКуперс Бишкек” ЖЧКсы жана “Эрнст энд Янг Аудит” ЖЧКсы .

2021-2022-жылдарга Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын аудиторлорунун арасында жүргүзгөн сурамжылоонун жыйынтыгы. ийгиликтүү иш-аракеттерди тастыктаган аудиторлордун активдүү бөлүгү 53% түзөөрүн көрсөттү. Иш жүзүндө өз ишин токтоткон аудитордук фирмалардын үлүшү 24% түздү.

Изилдөөлөөдүн жыйынтыгында көз карандысыз аудитти өнүктүрүүнүн негизги көйгөйлөрү аныкталды, алар төмөнкүлөр саналат:

1. Мамлекет тарабынан мыйзамдык жана практикалык жөнгө салуунун алсыздыгы, көмүскө экономиканын болушу жана объективдүү финансылык маалыматтын жеткиликтүү эместиги.

2. Көпчүлүк ишкерлер үчүн аудиттин факультативдүүлүгү жана анын натыйжасында чакан жана орто ишканаларда финансылык көзөмөлдүн жоктугу.

3. Аудитор атайын кызматтардын жана прокуратуранын ишинде курал болуп, натыйжада ишкерлер менен бухгалтерлердин арасында терс пикирди жаратат.

4. Кесиптик квалификациянын жоктугу жана адистердин кесиптик даярдыгынын жана квалификациясын жогорулатуунун төмөн деңгээли (өзгөчө региондордо).

5. Эл аралык стандарттар 2023-жылга чейин кыргыз тилине которулган эмес жана жеке стандарттарды колдонуу боюнча практикалык көрсөтмөлөр жетишсиз.

6. Бухгалтерлердин жана аудиторлордун этикалык принциптерди сакталбагандыгы (чынчылдык, объективдүүлүк, кесипкөйлүк).

7. Ишкерлердин финансылык сабаттуулугу жана төлөө жөндөмдүүлүгү төмөн.

Кыргыз Республикасында аудит жана финансылык отчеттуулук жаатында жүргүзүлүп жаткан реформалардын алкагында 2021-жылдын декабрындагы № 147 “Аудитордук иш жөнүндө” жаңы Мыйзам кабыл алынган. 2022-жылдын 3-июнунда күчүнө кирген

Жаңы мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөргө токтоло кетсек, биринчи жолу киргизилген же мурункулардан кескин айырмаланган негизги жоболорду санап көрөлү:

1) Аудиторлор жана аудитордук уюмдар Кесиптик Аудит Ассоциациясынын (ПАО) мүчөлөрү болууга тийиш;

2) Бухгалтерлердин Эл аралык федерациясынын, Эл аралык стандарттар боюнча кеңеши тарабынан жарыяланган Эл аралык билим берүү стандарттары расмий статуска ээ болду. Аудитордун квалификациясынын программалары мындан ары Эл аралык билим берүү стандарттарына ылайык келиши керек.

3) Аудитордун кесиптик квалификациясынын үч деңгээлдүү программасы киргизилди.

4) Жогорку окуу жайлардын жана мамлекеттик акционердик коомдордун билим берүү программаларын алардын профессионалдык аудиторлордун квалификациялык программаларына ылайыктуулугун баалоо жолу менен аккредитациялоо тартиби киргизилди.

5) Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодекси – Бухгалтерлердин Эл аралык федерациясынын Эл аралык этикалык стандарттар боюнча кеңеши тарабынан белгиленген этикалык талаптар – аудиторлор үчүн милдеттүү болуп калды *[1]*.

2023-жылдын 15-февралында Кыргыз Республикасынын Президенти “Аудитордук ишти жүзөгө ашыруу жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Евразия экономикалык биримдигинин (ЕАЭБ)

алкагында2022-жылдын 19-апрелинде Москва шаарында кол коюлган, бул келишим ЕАЭБ алкагында төмөнкү көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган:

- Евразия экономикалык бирлигинин аймагында аудитордук кызмат көрсөтүүлөр рыногунун катышуучуларына бирдиктүү талаптардын жоктугу;
- бир мүчө мамлекеттин аудиторлорунун квалификациялык сертификаттарын башка мүчө мамлекеттердин аймагында таануу үчүн мыйзамдык базанын жоктугу;
- бир мамлекеттин аудитордук уюму берген аудитордук корутундуларды (отчетторду) ЕАЭБге мүчө башка мамлекеттердин аймагында таануу үчүн мыйзамдык базанын жоктугу;
- тигил же бул мүчө мамлекетте аудитордук иш жүргүзүү үчүн жаңы юридикалык жакты түзүү зарылчылыгы;
- аудитордук иш лицензияланган мүчө мамлекеттерде аудитордук ишти жүзөгө ашыруу үчүн лицензиялык жол-жободон өтүү зарылчылыгы;
- аудитордук иш-чаралар пландаштырылган мүчө мамлекеттин кесиптик уюмуна милдеттүү түрдө мүчө болуу.

Бүгүнкү күндө бир мүчө-мамлекеттин уюмдары тарабынан ЕАЭБге мүчө башка мамлекеттердин аймагында аудитордук иш-чараларды жүргүзүүдө көптөгөн башка тоскоолдуктар бар.

Ошентип, жогоруда аталган маселелер боюнча улуттар аралык деңгээлде ченемдик-укуктук базанын жоктугу ЕАЭБде аудитордук кызматтардын эркин жүрүүсүнө тоскоол болгон.

Келишим аудитордук уюмдардын, жеке аудиторлордун, аудиторлордун кызыкчылыктарын козгойт, аларга ЕАЭБ боюнча аудитордук иш жүргүзүү укугун берет. Макулдашуу аудитордук ишти жөнгө салууга ыйгарым укуктуу мүчө мамлекеттердин аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ыйгарым укуктарын да козгойт.

2021-жылдын 1-январына карата ЕАЭБде аудитордук уюмдардын жана жеке аудиторлордун саны 5,9 миңди түздү, анын ичинде: Армения Республикасында 34, Беларусь Республикасында 457, Казакстан Республикасында 195, Кыргыз Республикасында 129, Россия Федерациясында 5,1 миң. ЕАЭБге мүчө-мамлекеттерде сертификатталган аудиторлордун саны 24,7 миңге жакын адамды түзөт.

Учурда аудитордук иш мүчө мамлекеттердин улуттук мыйзамдары менен жөнгө салынат. Учурда ЕАЭБ боюнча аудитордук ишмердүүлүктү жөнгө салуучу ченемдик укуктук база жок.

Аудит келишими төмөнкүлөрдү карайт:

- бир мүчө мамлекеттин аудитордук кызмат көрсөтүүчүлөрүнө башка мүчө мамлекеттердин аймагында аудитордук иш жүргүзүү укугун берүү;
- аудитордук кызмат көрсөтүүчүлөргө бирдиктүү талаптар;
- мүчө мамлекеттердин аудиторлорунун квалификациялык сертификаттарын бир мамлекеттин уюму башка мүчө мамлекеттердин аймагында таануусу;
- аудитордук уюмдардын жана жеке аудиторлордун ишинин сапатын тышкы контролдоо жөнүндө жоболорду;
- аудитордук ишти мамлекеттик жөнгө салуу жана мүчө мамлекеттердин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын өз ара аракеттенүүсү жөнүндө жоболорду.

Методологиялык негиз катары колдонулган аудиттин эл аралык стандарттарын (АЭС) ата-мекендик аудитордук компаниялар үчүн көйгөйлөрдү жаратып келет. 2021-2022-жылдар аралыгында жүргүзүлгөн аудиторлор менен түштүк аймагындагы аудитордук

компанияларды изилдөөнүн жыйынтыгында аудиттин эл аралык стандарттарын практикада колдонууда бир катар көйгөйлөр аныкталган, алар: квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги, окутууга (кадрларды кайра даярдоого) жогорку чыгымдар, тилдик тосколдук (АЭСтин котормосунун татаалдыгы), атайын ата мекендик компьютердик программалардын толук жоктугу, аудиттин эл аралык стандарттарынын мазмунунун жана структурасынын татаалдыгы [3, 5].

Чарба жүргүзүүчү субъекттердин, анын ичинде мамлекеттик маанидеги уюмдардын бухгалтердик (финансылык) отчетторунун айкындуулугунун жана сапатынын кепилдиги катары аудитордук кызматтардын сапатын тышкы контролдоого өзгөчө көңүл бурулат. Макулдашуунун долбооруна ылайык, ЕАЭБге мүчө мамлекет аудиторлордун тышкы көзөмөлүн ишке ашырууну камсыз кылууга, аны ишке ашыруунун тартибин белгилөөгө, ошондой эле аны ишке ашыруучу органды (мамлекеттик орган, кесиптик бирикмелер, уюмдар) аныктоого тийиш. Тышкы контролдун предмети ЕАЭБ алкагында аудитордук иш-чараларды жүзөгө ашыруу жөнүндө макулдашуу менен аныкталат [4].

Бирликтин мыйзамдарынын алкагында ЕАЭБ аймагында аудитордук иш чөйрөсүндө бирдиктүү ченемдерди жана талаптарды белгилөө бир мүчө мамлекеттин аудитордук кызмат көрсөтүүчүлөрүнө башка мүчө мамлекеттердин аймагында аудитордук иш-аракеттерди башка мүчө мамлекеттердин аймагында жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. чектөөлөр жана өзгөчөлүктөр.

Жогорудагы милдеттерди ишке ашыруу аудитордук уюмдар тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын көлөмүнүн өсүшүнө түрткү берет, ал эми атаандаштыктын күчөшү аудитордук субъекттерге кызматтарды көрсөтүүнү оптималдаштырууга жана жакшыртууга түрткү берет деп күтүлүүдө.

**Колдонулаган адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасын Аудитордук ишмердүүлүк жөнүндөгү мыйзамы, 2021-жылдын 3-декабры № 147. Электрондук ресурс: URL: https://www.nbkr.kg/index1.jsp?item=55&lang=KGZ
2. Кыргыз Республикасынын экономика жана коммерция министрлигине караштуу финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматынын официалуу сайты. Электрондук ресурс: URL: https://fsa.gov.kg/#/home
3. Ташкулова Г.Б., Кадырмат уулу И. (2023). Аудитордук далилдерди чогултуу процедураларынын теориясы жана практикасы. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана №7, 2023. 128-132.
4. Токторов, К., Ташкулова, Г., & Кадырмат уулу, И. (2022). Вопросы формирования общего рынка аудиторских услуг в рамках Евразийского экономического партнерства. Вестник Ошского государственного университета. Экономика, 1(1), 130-135. https://journal.oshsu.kg/index.php/economy/article/view/494
5. Абдиев, М.Ж. Евразия экономикалык биримдигинин шартында Кыргыз Республикасында эт жана эт азыктарын өндүрүү жана сатууну өркүндөтүү / М. Ж. Абдиев, Г. А. Маметова, Б. М. Мамытов // Вестник Ошского государственного университета. – 2020. – No. 1-1. – P. 209-215. – EDN: UMCKYK.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ЭКОНОМИКА**
ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ЭКОНОМИКА
JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. ECONOMICS
**e-ISSN: 1694-8734**
№1(4)/2024, 24-29

**УДК: 331.5**
**DOI:** 10.52754/16948734_2024_1(4)_4

# ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН АКЧА КОТОРУУДАГЫ ЗАМАНБАП КӨЙГӨЙЛӨРҮ

## СОВРЕМЕННЫЕ ПРОБЛЕМЫ ДЕНЕЖНЫХ ПЕРЕВОДОВ ТРУДОВЫХ МИГРАНТОВ

## MODERN PROBLEMS OF REMITTANCES BY LABOR MIGRANTS

**Макыев Сагынбек Төлөшович**
*Макыев Сагынбек Төлөшович*
*Sagynbek T. Makyev*

***Ph.D., улук окутуучу,* Ош мамлекеттик университети**
*Ph.D., старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Ph.D, Senior Lecturer, Osh State University*
makyev-s@mail.ru

---

**Бегмат кызы Гулбарчын**
*Бегмат кызы Гулбарчын*
*Begmat Kyzy Gulbarchyn*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's student, Osh State University*

# ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН АКЧА КОТОРУУДАГЫ ЗАМАНБАП КӨЙГӨЙЛӨРҮ

**Аннотация**

Бул макалада мигранттардын акча котороуларынын Кыргыз Республикасынын экономикалык трансформациясына тийгизген таасири каралат.Ушуга байланыштуу мигранттардын акча котороуларынын көлөмүнүн динамикасына жана алардын Кыргызстандын экономикалык жана социалдык өнүгүүсү үчүн маанисине, өзгөчө макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуу көз карашынан алганда талдоо жүргүзүлөт. Акча котороуларды республиканын экономикасын өнүктүрүү үчүн натыйжалуу пайдалануу жолдору каралды.

**Ачкыч сөздөр:** эмгек мигранттары, эмгек миграциясы, акча котороулар, кесепеттери, экономикалык рецессия, трансферттер, миграциялык процесстер.

## *СОВРЕМЕННЫЕ ПРОБЛЕМЫ ДЕНЕЖНЫХ ПЕРЕВОДОВ ТРУДОВЫХ МИГРАНТОВ*

**Аннотация**

В данной статье исследуется влияние денежных переводов мигрантов на экономическую трансформацию Кыргызской Республики. В этой связи проводится анализ динамики объема денежных переводов мигрантов и их значение для экономического и социального развития Кыргызстана, особенно с точки зрения обеспечения макроэкономической стабильности. Рассмотрены пути эффективного использования денежных переводов для экономического развития республики.

***Ключевые слова:*** *трудовые мигранты, трудовая миграция, денежные переводы, последствия, экономический спад, трансферты, миграционные процессы.*

## *MODERN PROBLEMS OF REMITTANCES BY LABOR MIGRANTS*

**Abstract**

This article examines the impact of migrant remittances on the economic transformation of the Kyrgyz Republic. In this regard, an analysis is made of the dynamics of the volume of migrant remittances and their importance for the economic and social development of Kyrgyzstan, especially from the point of view of ensuring macroeconomic stability. Ways to effectively use remittances for the economic development of the republic are considered.

***Keywords:*** *labor migrants, labor migration, remittances, consequences, economic recession, transfers, migration processes.*

Эмгек мигранттары мекенине жөнөткөн акча которуулар өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө миллиондогон адамдарга маанилүү киреше алып келет. Бай жана жакыр өлкөлөрдүн ортосундагы өскөн киреше ажырымы, демографиялык басым жана планетанын өзүндөгү өзгөрүүлөр экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү издөө үчүн башка өлкөлөргө көбүрөөк адамдардын көчүшүнө алып келет.Бул өз кезегинде алдыдагы ондогон жылдарга акча которуулардын агымын стимулдайт.

Кыргызстандын жарандары ички дүң продукцияны өз мамлекетине таштап, Кыргызстандын эмес, келген өлкөнүн улуттук байлыгын көбөйтөт. Эмигранттар чет өлкөдөн акча тапканда бул акчанын олуттуу бөлүгүн ошол жакка жумшашат. Кыргызстандан калктын эң мыкты, атаандаштыкка жөндөмдүү жана демилгелүү бөлүгү кетип жатат, анын натыйжасында улуттук экономика алсырап, эмгекке жарамдуу калктын саны азаюуда [2, С.144-147; 9; 10].

Каатчылык учурунда акча которуулар каржылык колдоо көрсөтөт. Эмгек мигранттары, мисалы, табигый кырсыктардан кийин, жабыр тарткан жакындары тамак-аш сатып алуу же ижара акысын төлөө үчүн үйгө жөнөткөн сумманы көбөйтөт.Акча которуулардын деңгээли көбүнчө донор-өлкө кризиске учураса дагы туруктуу бойдон калууда. Мисалы, 2020-жылы COVID пандемиясынын алгачкы этаптарында акча которуулар болгону 1,1 пайызга, ал эми дүйнөлүк киреше 3 пайызга кыскарган.. Эмгек мигранттары пандемия учурунда экономикада негизги ролду ойноп, жогорку билимдүү дарыгерлер жана медайымдар жана ошондой эле курьер болуп иштешкен.Бөгөттөө учурунда акча которуу операторлорунун жабылышы акча которуу кызматтарын үзгүлтүккө учуратты, бирок адамдар дагы эле санариптик каналдар аркылуу үйлөрүнө акча жөнөтүштү.. Акча которуулар катуу калыбына келип, 2021-22-жылдары дээрлик 20 пайызга өстү[1].

Кыргызстан ички дүң продуктунун түзүмүндө мигранттардын акча которууларынын үлүшү боюнча дүйнөдөгү алдыңкы өлкөлөрдүн бири.Кыргыз мигранттарынын акча которуулары жалпысынан өлкөнүн, ошондой эле айрым үй чарбаларынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө олуттуу роль ойной тургандыгы, бул тамак-аш сатып алуудагы, узак пайдалануудагы товарларды сатып алуудагы, турак-жай курууга жана ондоого жумшоодогу негизги муктаждыктарды ишке ашырууга, балдар үчүн билим берүүнү өнүктүрүүгө инвестиция салууга мүмкүндүк берери көрсөтүлгөн.

Акча которуулар эмгек миграциясынын эң маанилүү мүнөздөмөлөрүнүн бири болуп саналат жана өнүккөн жана бай өлкөлөрдөн өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө олуттуу финансылык агым болуп саналат жана эмгек рыногунда белгилүү бир чыңалууларды башынан өткөрөт.Акча которуулар боюнча он ири донор өлкөнүн катарына Орусия (2021-жылы Дүйнөлүк банктын маалыматы боюнча 6-орун) кирет, андан акча которуулар (мигранттардын мекенине которуулары) КМШ өлкөлөрүнө жана ЕАЭБге жөнөтүлөт[5, С. 38–54].

Мамлекетибиздин өнөр жайды өнүктүрүү жана жаңы жумуш орундарын түзүү боюнча көрүнүктүү аракеттерине карабастан, Кыргызстандын ИДПсынын үчтөн бир бөлүгү дагы эле эмгек мигранттарынын акча которууларынан келет.Ал эми мындай картинаны биринчи жолу көрүп жатканыбыз жок.

Мигранттарыбыздын эң чоң үлүшү – миллионго жакын адам Орусияда иштешет. 2022-жылдын жазында белгилүү окуялар башталгандан кийин айрым эксперттер алар массалык түрдө Кыргыз Республикасына кайтып келип, бюджет олуттуу кирешеден кол жууйт деп болжолдошкон. Бирок ал ишке ашкан эмес.

Улуттук банктын маалыматы боюнча, 2022-жылы мекендештер Кыргызстанга 2 миллиард 928,2 миллион доллар которгон.Акча которуулардын 97%дан ашыгы Орусиядан келген – 2 млрд 780,2 млн доллар. Салыштыруу үчүн, 2021-жылы мигранттар Кыргыз Республикасына 2,7 миллиард доллар которгон жана 97% Россия Федерациясынан да которгон[7].

1-таблица. ЕАЭБ жана Борбордук Азия өлкөлөрү алган акча которуулар (миллион доллар)

| Страна | 2015 г. | 2016 г. | 2017 г. | 2018 г. | 2019 г. | 2020 г. | 2021 г. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Армения | 1491,5 | 1382,3 | 1538,65 | 1487,8 | 1527,9 | 1327,0 | 1610,2 |
| Беларусь | 931,5 | 976,6 | 1253,8 | 1445,8 | 1418,8 | 1013,7 | 1136,7 |
| Казахстан | 294,3 | 384,2 | 560,4 | 618,0 | 506,0 | 374,4 | 310,15 |
| Киргизия | 1687,7 | 1994,6 | 2485,8 | 2688,6 | 2410,5 | 2422,8 | 2792,5 |
| Россия | 6903,4 | 6688,7 | 8235,0 | 9287,3 | 10432,5 | 9915,0 | 9646,9 |
| Таджикистан | 2258,6 | 1867,4 | 2237,2 | 2183,3 | 2321,9 | 2186,8 | 2921,7 |
| Туркменистан | 16,0 | 9,0 | 4,0 | 2,0 | 1,0 | 1,0 | ... |
| Узбекистан | 4843,2 | 5795,1 | 7130,15 | 7609,6 | 8545,8 | 6979,8 | 9197,5 |

*Булак: Ткаченко А.А. Миграционная политика стран постсоветского пространства: метаморфозы и результаты // Социальные новации и социальные науки. – 2023. – № 1. – С. 38–54.*

Таблицаларда келтирилген маалыматтардан көрүнүп тургандай, 2014-жылдан кийин Кыргызстан, Армения жана Беларусь бирдей эмес, бирок Россиянын аймагынан тышкары иштеген мигранттардын эсебинен келген акча которуулардын көлөмү көбөйгөн.. 2015-жылы Орусиядан которулган акча которуулардын үлүшү Кыргызстанда жалпы түшүүлөрдүн 64,2%, Арменияда 45,7%, Беларуста 15,3% түздү. 2021-жылы бул үлүштөр байкаларлык азайган - тиешелүүлүгүнө жараша 40,1%, 33,0 жана 6,1%.

Албетте, Армения менен Белоруссия Кыргызстанга караганда ыңгайлуу географиялык абалда жана алардын мобилдүүлүгүндө мигранттардын тартылуу борборлоруна чейинки аралык чоң роль ойнойт.Бирок эмгек мигранттары салттуу түрдө Орусиянын эмгек рыногуна багытталган Кыргызстан да жети жылдын ичинде орусиялык акча которуулардын үлүшүн бир топ эле – 24% кыскартты.Жумушчу күчүнүн эркин кыймылы өнүгүүнүн эң маанилүү шарттарынын бири болгон интеграциялык биримдикке кирген мамлекеттердеги мындай тенденция абдан кооптуудай сезилет. Демек, ЕАЭБде жүргүзүлүп жаткан жана пландаштырылган иш-чараларга байланыштуу бул процесстердеги өзгөрүүлөргө мониторинг жүргүзүү зарыл[5, С. 38–54].

Элдин ишенимине каршы Кыргызстанда жумуш орундары жана бош орундар абдан көп. Бирок төрөттүн көп болушуна жана экономиканын өнүкпөгөндүгүнө байланыштуу бардыгына жетиштүү жакшы жумуш орундары жок. Мындан тышкары, айлык акынын өлчөмү көпчүлүктү канааттандырбайт. Ошон үчүн жакшы жашоо издеп чет өлкөгө кетишет. Анан көбүнчө Россияны, тарыхый жана маданий жактан бизге эң жакын мамлекетти тандашат. Ал жакта жумуш орундары жетиштүү, айлыктары да татыктуу.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында Кыргызстанга акча которуулардын көлөмү 2022-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу кыйла азайган. Кеп жеке жактардан акча которуу системалары аркылуу алынган каражаттар жөнүндө болуп жатат.

Өткөн жылдын апрель айынан бери түшүүлөрдүн кескин өскөндүгү байкалууда. Тактап айтканда, июнь жана август айларында 300 миллион доллардан ашык которулган (рекорддук көрсөткүч), 90 пайыздан ашыгы Орусияга туура кеткен.

Быйыл каражаттын көлөмү бир топ кыскарды. Салыштыруу үчүн: 2022-жылдын январь айынан июнь айына чейин Кыргыз Республикасына 1 миллиард 347,5 миллион доллар, 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгында 961,4 миллион доллар которулган. Төмөндөө, негизинен, Россиядан трансферттердин кыскарышы менен шартталган – 1 млрд 284 млн доллардан 871 млн долларга чейин (ошол эле мезгилде) [8].

Өлкөгө мигранттардын акча которууларынын өсүшүнүн негизги оң натыйжасы жакырчылыктын кыскарышы болуп саналат. Акыркы 10 жылда (2011-2021-жж.) өлкөдө жакырчылык 70%дан 30%га чейин төмөндөдү, б.а. дээрлик 2 эсе [4, С. 93-95].

Кыргызстандык мигранттардын басымдуу бөлүгү калктын жакыр катмарынын өкүлдөрү. Кыргызстандык мигранттардын акчалай кирешеси анчалык чоң эмес, аны массалык түрдө топтоп, каалаган каржы инструменттерине же экономиканын реалдуу секторуна инвестициялоого болот башкача айтканда, мигранттардын акчалай кирешеси мигранттар үнөмдөө жана каалаган бизнеске инвестициялоо жөнүндө ойлоно турган чекке жете элек.

Көпчүлүк Евразиялык Евробиримдикке киргенден кийин Кыргызстандан эмгек мигранттарынын көп агымы болорун алдын ала айтышкан, бирок бул негизинен байкалган эмес. Эмгек мигранттарынын 50%дан ашыгы Кыргызстанга туруктуу жашоо үчүн кайтып келүүнү каалашат[6, С. 34-42].

Ошол эле учурда көптөгөн мигранттар өздөрүнүн минималдуу муктаждыктарын жабуу зарылдыгынан улам көп жылдар бою миграциялык өлкөдө, негизинен Россияда калышат.

Калкынын массалык миграция агымы болгон өлкөлөр акча которуулардан экономика үчүн кандай пайда алып жатышат?Үй чарбаларынын кирешелеринин өсүшү жакырчылыктын кыскарышына алып келет. Акыркы керектөөнүн өсүшү ИДПнын өсүшүнө алып келет. Суроо-талаптын өсүшү ата мекендик өндүрүштүн өсүшүнө алып келет. Республикага валюта агымынын туруктуу булагы төлөм балансына, кыймылсыз мүлккө инвестиция курулуш индустриясынын өнүгүшүнө алып келет. Ички инвестициянын көбөйүшү кичи бизнести, өзгөчө айыл жеринде өнүктүрүүгө алып келет. Депозиттик базанын жана аманаттардын өсүшү банк тутумунун өнүгүшүнө алып келет [3, С. 95-104].

Кошумча инвестициянын булагы катары жарандардан чет өлкө валютасын которууга жана аларды расмий каналдар аркылуу алууга кызыкдар мамлекет мигранттардын которуулары үчүн да, алардын эсебинен түзүлгөн валюталык депозиттер үчүн да салыктык жеңилдиктерди берүүгө тийиш.

*Корутундулар.* Биздин талдоо Кыргызстандагы миграциялык процесстердин азыркы абалы өлкөнүн экономикалык жактан активдүү калкынын олуттуу бөлүгүнүн чет өлкөлөргө иштөөгө кетиши жана эмгек иммигранттарынын санынын көбөйүшү менен мүнөздөлөт деп айтууга негиз берет.

Эмгек мигранттарынын акча которууларынын көлөмү чет өлкө валютасынын ишенимдүү булагы катары каралышы мүмкүн болгон, өлкөнүн кредиттик рейтингин жогорулатууга жана белгилүү бир жагымдуу шарттарда инвестициянын агылып келүүсүнө шарт түзгөн тике чет өлкөлүк инвестицияларга салыштырмалуу туруктуу.

**Колдонулган адабияттар**


1. Дилип Ратха. Устойчивый уровень денежных переводов. // Finance & Development, сентябрь, 2023г.
2. Макыев С.Т. Проблема “утечки умов” из Кыргызстана: причины, последствия и пути решения. //Вестник филиала федерального государственного бюджетного образовательного учреждения высшего образования "Российский государственный социальный университет" в г. Ош Киргизской Республики, 1(27), 2023г. С. 144-147.
3. Митрофанов Н.М. Роль денежных переводов для экономики Кыргызстана и потенциал инвестирования денежных переводов в реальных сектор Кыргызской Республики //Экономика: вчера, сегодня, завтра. 2023. Том 13. № 1А. С. 95-104.
4. Султанов А. (ред.) Кыргызстан в цифрах 2016: Статистический сборник. Бишкек, 2016. С. 93-95.
5. Ткаченко А.А. Миграционная политика стран постсоветского пространства: метаморфозы и результаты // Социальные новации и социальные науки. – 2023. – № 1. – С. 38–54.
6. Эргешбаев У.Ж. Проблемы внешней трудовой миграции населения Кыргызстана // Народонаселение. 2016. № 1-1 (71-1). С. 34-42.
7. Электронный ресурс: URL: https://www.vb.kg/doc/429822_vopreki_prognozam._kak_trydovye_migranty_popolniaut_budjet_kyrgyzstana.html
8. Электронный ресурс: URL: https://ru.sputnik.kg/20230815/kyrgyzstan-perevody-snizhenie-1077820385.html
9. Макыев, А. Т. Кыргызстандык эмгек мигранттарынын учурдагы абалы / А. Т. Макыев, Н. У. Заирова // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Экономика. – 2023. – No. 2(3). – P. 19-25. – DOI: 10.52754/16948734_2023_2(3)_4. – EDN: GJOUKY.
10. Макыев, А. Т. Миграциялык процесстердин коомдун өнүгүшүнө тийгизген таасирлери жөнүндө / А. Т. Макыев, Б. М. Мурзакулов // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 2, No. 1. – P. 65-71. – DOI: 10.52754/16947452_2021_2_1_64. – EDN: WXOKVS.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ЭКОНОМИКА**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ЭКОНОМИКА

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. ECONOMICS

**e-ISSN: 1694-8734**
№1(4)/2024, 30-36

**УДК: 388.43(575,2**
**DOI:** 10.52754/16948734_2024_1(4)_5

# БЮДЖЕТТИН ТАРТЫШТЫК ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЗАК МӨӨНӨТТҮҮ ЭКОНОМИКАЛЫК САЯСАТТЫН СТРАТЕГИЯСЫ

# ДЕФИЦИТ БЮДЖЕТА И СТРАТЕГИЯ ДОЛГОСРОЧНЫЙ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ ПОЛИТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# BUDGET DEFICIT AND LONG-TERM ECONOMIC POLICY STRATEGY OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Керезова Нуркыз Керезовна**
*Керезова Нуркыз Керезовна*
*Kerezova Nurkyz Kerezovna*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's student, Osh State University*
*n.kerezova@mail.ru*

---

**Ганиев Гайратбек Исламкулович**
*Ганиев Гайратбек Исламкулович*
*Ganiev Gairatbek Islamkulovich*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's student, Osh State University*
*n.kerezova@mail.ru*

# БЮДЖЕТТИН ТАРТЫШТЫК ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЗАК МӨӨНӨТТҮҮ ЭКОНОМИКАЛЫК САЯСАТТЫН СТРАТЕГИЯСЫ

**Аннотация**

Бул макалада Кыргыз Республикасынын бюджеттинин структурасы, чыгашалардын беренелери, алардын өзгөчөлүктөрү изилденди, бюджеттин тартыштык абалы изилденип, дефициттин келип чыгышынын негизги себептери аныкталды, чыгашалардын кыскартуу жолдоруна талдоо жүргүзүлүп, бюджеттик дефицитти жоюу маселелери каралды.

**Ключевые слова:** мамлекеттик бюджет, бюджеттин тартыштыгы, бюджеттин тартыштыгын каржылоо булактары.

## *ДЕФИЦИТ БЮДЖЕТА И СТРАТЕГИЯ ДОЛГОСРОЧНЫЙ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ ПОЛИТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ*

**Аннотация**

Бул макалада шаардык экологиялык туруктуулукту камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасындагы имараттардын энергетикалык натыйжалуулугун жогорулатуунун маанилүүлүгү каралат. Кыргыз Республикасынын экономикасынын энергияны керектөө деңгээли, экологиялык көрсөткүчтөр жана энергияны керектөөнү азайтуу аркылуу энергиянын натыйжалуулугун камсыздоо зарылчылыгы каралат. Авторлор имараттардын энергияны керектөөнүн учурдагы абалын, имараттардын энергетикалык натыйжалуулугун жогорулатуудагы кыйынчылыктарды жана тоскоолдуктарды талдап чыгышат. Энергия үнөмдөөчү жылуулук изоляциялоочу материалдарды тандоо жолу менен имараттардын энергетикалык натыйжалуулугун жогорулатуу маселелерин чечүү жолдору көрсөтүлүп, Кыргыз Республикасында имараттардын энергия керектөөсүн азайтуу боюнча натыйжалуу чараларды ишке ашыруу боюнча практикалык сунуштар сунушталды.

***Ачкыч сөздөр:*** *энергияны үнөмдөө, энергия эффективдүүлүгү, имараттар, экологиялык туруктуулук, шаарлар*

## *IMPROVING BUILDING ENERGY EFFICIENCY AS THE BASIS FOR ENVIRONMENTAL SUSTAINABILITY OF CITIES IN THE KYRGYZ REPUBLIC*

**Abstract**

This article discusses the importance of improving building energy efficiency in the Kyrgyz Republic to ensure the environmental sustainability of cities. The level of energy consumption in the economy of the Kyrgyz Republic, environmental indicators, and the need to enhance energy efficiency by reducing energy consumption are considered. The authors analyze the current state of building energy consumption, problems, and obstacles to improving building energy efficiency. Solutions to the problem of increasing building energy efficiency through the selection of energy-efficient thermal insulation materials are presented, along with practical recommendations for implementing effective measures to reduce building energy consumption in the Kyrgyz Republic.

***Keywords:*** *energy conservation, energy efficiency, buildings, environmental sustainability, cities.*

Вопросы энергосбережения являются чрезвычайно важными для Кыргызской Республики, поскольку в настоящее время нарастает энергетический кризис, вызванный дефицитом энергии, обусловленным ростом потребления электроэнергии, ограниченностью генерирующих мощностей и маловодными периодами, которые ограничивают выработку гидроэлектростанций – основного источника генерации в стране. В связи с этим президент Кыргызской Республики подписал указ о введении с 1 августа 2023 года режима чрезвычайной ситуации в энергетической отрасли Кыргызстана со сроком действия до 31 декабря 2026 года [4, 8, 9].

По данным национального статистического комитета за период с 2018 по 2023 годы в Кыргызской Республике увеличилось потребление электроэнергии с 15 млрд 115 тысяч кВт/ч до 17 млрд 200 тысяч кВт/ч, рост составил более 14%. По статистике, промышленность использует значительную часть энергии в республике: жилой сектор является крупнейшим потребителем энергии (37%), за ним следуют промышленность (34%) и транспорт (29%) [5].

По мнению эксперта по энергоэффективности Нурзат Абдрасуловой в Кыргызстане сначала строят дома, а потом думают, как в них не замерзнуть, игнорируя прогрессивные методы возведения жилья, благодаря которым обогрев не требует больших расходов. По ее мнению, около 60% всей энергии в стране расходуется на нужды отопления жилищного сектора, некоторые здания расходуют до 400 киловатт-часов на квадратный метр, при том что в других странах на это уходит только 80 киловатт-часов. Энергопотери в наших зданиях достигают 70%. Мы не можем нагреть эти помещения, а значит, расходуем все больше низкокачественного угля. Отсюда и смог", — объяснила эксперт [6].

Согласно информационно аналитической справке ОО Moovgreen “Энергоэффективность и энергосбережение в частном жилом секторе Кыргызстана за 2022 год” в Кыргызстане здания потребляют в 3-4 раза больше энергии, чем здания такой же площади в развитых странах: например, одноэтажный/односемейный жилой дом потребляет на отопление до 320- 380 кВтч/м в год, тогда как в Норвегии, находящейся в схожих климатических условиях, этот показатель составляет около 110 кВтч/м в год. С учетом технических характеристик зданий, потенциал для экономии энергии в зданиях может составлять до 80% [7]. По данным Национального статистического комитета Кыргызской Республики основными источниками энергии, используемыми для отопления, являются электроэнергия 63,82 - %, уголь - 31,68, природный газ – 4,50 %.




Рисунок 1. Потребление энергии по видам за 2022 год.

Энергосбережение зданий является для страны одним из ключевых инструментов преодоления возникающего кризиса путем удовлетворения всех энергетических

потребностей за счет рационального использования электроэнергии даже без введения дополнительных генерирующих мощностей. Кроме того, повышение энергоэффективности является одним из наиболее экономически эффективных вариантов удовлетворения растущего спроса на энергию в большинстве стран. Оно способствует усилению энергетической безопасности, улучшению условий окружающей среды, повышению качества жизни мужчин и женщин и их экономического благосостояния. Из всех секторов экономической деятельности сектор эксплуатации бытовых и общественных зданий имеет самый большой потенциал для экономически эффективного повышения энергоэффективности и сокращения вредных выбросов.

Одной из главных причин низкой энергоэффективности зданий в Кыргызской Республике является строительная отрасль которая на сегодняшний день является наиболее энергоемкой, т.к. крайне редко используются в строительстве энергоэффективные материалы, а также слабо внедряются передовые энергосберегающие технологии. Один из главных проблем сдерживающих проведение мероприятий по энергосбережению являются: недостаточность финансовых средств и отсутствие механизмов стимулирования для их выполнения. Кроме этого, строительные компании республики воздерживаются от использования новых перспективных технологий из-за недоверия потребителей к инновациям в строительной индустрии.

На практике известно, что потеря тепловой энергии через ограждающие конструкции зданий различается не только от вида применяемого материала, но и отличается для одного и того же типа зданий в зависимости от этажности. Так, для домов в зависимости от этажности она такова [1]:

1. Теплопотери через стены составляют:

- 30–35 % для одно- и двухэтажных зданий;
- до 42 % – в пятиэтажных зданий;

до 49 % – в девятиэтажных зданий.

2. Теплопотери через окна составляют:

- 25 % для однодвухэтажных зданий;
- 32 % для пятиэтажных зданий;
- 35 % девятиэтажных зданий.

3. Через цокольные и чердачные перекрытия, фундаменты здания теряется в среднем от 10 до 20 % тепла.

В рейтинге экологических показателей 2018 г. из 180 стран Кыргызская Республика заняла 99 место, по итогам 2022 года оказался на 126-м месте по уровню загрязнения экологии, об этом сообщается на сайте The Environmental Performance Index. Это показывает, что рост как загрязнения (измеряемого количеством выбросов $CO2$), так и потреблением ресурсов (измеряемых использованием материалов) был относительно высоким в Кыргызской Республике. Фактически, выбросы $CO2$ увеличились примерно на 126% за период с 2018 по 2022 годов, что превышает даже рост в странах со средним уровнем дохода.

Опыт других стран показывает, что при правильном проведении государственной энергосберегающей политики уровень энергетической затратности экономики может быть улучшен в несколько раз, т.е. без решения вопросов повышения энергоэффективности и энергосбережения невозможно создание устойчивой модели развития экономики. В этой связи, Правительством Кыргызской Республики проводится большая работа по решению данной проблемы. В рамках законодательной поддержки мероприятий по улучшению энергосбережения и повышения энергоэффективности зданий 26.07.2011 г. был принят

Закон Кыргызской Республики «Об энергетической эффективности зданий». Целью данного Закона является улучшение теплового микроклимата в жилых зданиях, снижение потребления или использования энергетических ресурсов, а также выбросов парниковых газов в атмосферу [3]. Однако, несмотря на реализацию комплекса законодательных инициатив, и мероприятий, общая политика Кыргызской Республики в области энергоэффективности зданий нуждается в дальнейшем совершенствовании.

На основе исследования были выявлены следующие проблемы, с которыми сталкиваются при повышении энергоэффективности зданий в Кыргызской Республике [2]:

1. Недостаток финансирования: Одной из основных проблем является недостаток финансирования для проведения работ по повышению энергоэффективности зданий. Многие владельцы зданий не готовы или не могут выделить достаточные средства на модернизацию и улучшение энергетической эффективности.

2. Отсутствие информирования и образования: Недостаточное информирование и образование как среди владельцев зданий, так и среди проектировщиков и строителей, может привести к недооценке важности энергоэффективности и недостаточной готовности к использованию новых технологий.

3. Сложности в законодательстве: Наличие сложных процедур и отсутствие четкого законодательства, регулирующего вопросы повышения энергоэффективности зданий, может затруднить реализацию соответствующих проектов.

4. Технические ограничения: Старые здания могут иметь технические ограничения, которые затрудняют проведение работ по повышению энергоэффективности без значительных изменений в конструкции.

5. Недостаток квалифицированных специалистов: Недостаток специалистов, обладающих необходимыми знаниями и навыками в области энергоэффективности, может стать препятствием для успешной реализации проектов.

Решение этих проблем требует комплексного подхода, включающего в себя финансовую поддержку, информационные кампании, обучение специалистов, улучшение законодательства и разработку инновационных технологий. При этом важно активное участие всех заинтересованных сторон для достижения целей по повышению энергоэффективности зданий и обеспечения экологической устойчивости городов в Кыргызской Республике.

Как показывает мировой опыт, во времена энергетического кризиса (70-е годы прошлого столетия) промышленно развитые страны стали активно реализовать экономическую политику в области энергосбережения. Одним из путей решения являлся использование в строительстве многослойных строительных конструкций с эффективными утеплителями, которые позволяют достичь высоких показателей сопротивления теплопередаче. Ужесточение теплотехнических норм способствовало расширению рынка теплоизоляционных материалов, энергоэффективных оборудований и услуг в сфере энергосбережения, увеличился интерес к использованию возобновляемых источников энергии.

В идеальной ситуации энергоэффективность здания должна закладываться еще на этапе проектирования: грамотная ориентация домов, при которой окна выходят на юг, позволяет продлить световой день и использовать пассивное солнечное отопление и естественное освещение. Правильно спроектированные инженерные системы позволят обеспечить эффективное отопление и охлаждение, «экономя» до 20-30% энергии, по сравнению с обычными техническими решениями.

Повышение энергоэффективности зданий является ключевым элементом стратегии обеспечения экологической устойчивости городов в Кыргызской Республике. Реализация соответствующих программ и мероприятий позволит снизить потребление энергии, уменьшить выбросы парниковых газов и сократить негативное воздействие на окружающую среду.

Для достижения этой цели необходимо разработать и внедрить комплексные программы по модернизации и реконструкции существующих зданий с целью улучшения теплоизоляции, замены устаревших систем отопления и вентиляции на более эффективные и экологически чистые. Также важно внедрение новых технологий и материалов, способствующих снижению энергопотребления зданий.

Поддержка со стороны государства, разработка стимулирующих мер и налоговых льгот для заинтересованных сторон, а также проведение информационных кампаний и обучающих программ играют важную роль в успешной реализации таких проектов. В результате повышения энергоэффективности зданий города Кыргызстана станут более экологически чистыми, устойчивыми и комфортными для жителей.

**Список литературы:**

1. Захаров А.В., Сычкина Е.Н., Пономарев А.Б. Энергоэффективные конструкции в строительстве. – Пермь: Изд-во Перм. нац. исслед. политехн. ун-та, 2017. С -103 с.
2. UNIDO (2017), Diagnostic for the Programme for Country Partnership (PCP), The Kyrgyz Republic, Building a competitive manufacturing base for strong and inclusive growth. Vienna: UNIDO.
3. Инклюзивная «зеленая» экономика в Кыргызской Республике. Обзорный отчет. 2022 г.
4. Электронный ресурс: URL: https://www.epravda.com.ua/rus/news/2023/07/24/702528/
5. Электронный ресурс: URL: https://www.stat.kg
6. Электронный ресурс: URL: https://ru.sputnik.kg/20210707/klimat-obshchestvo-vklad-zasuha-kyrgyzstan-parizhskoe-soglashenie-1053126655.html
7. Электронный ресурс: URL: https://movegreen.kg/2023/04/04/energoeffektivnost-i-energosberezhenie-v-chastnom-i-zhilom-sektore-v-kyrgyzstane/
8. Камчиев, У. М. Кыргызстандагы курулуш тармагындагы экологиялык аспекттер / У. М. Камчиев // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – No. 1-2. – P. 175-180. – DOI: 10.52754/16947452_2021_1_2_175. – EDN: YQANPC.
9. Истамкулов, Ж. И. Экологиялык кризис жана аны жеңүүнүн укуктук көйгөйлөрү / Ж. И. Истамкулов, Ж. Б. Абдикеримов // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Укук. – 2023. – No. 1. – P. 59-65. – DOI: 10.52754/16948661_2023_1(2)_9. – EDN: BTXPTX.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ЭКОНОМИКА**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ЭКОНОМИКА

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY.ECONOMICS

**e-ISSN: 1694-8734**
№1(4)/2024, 133-142

**УДК: 657.222**
**DOI:** 10.52754/16948734_2024_1(4)_19

# ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПАНИЯЛАРДЫН БАШКАРУУ ЭСЕБИН УЮШТУРУУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

# ПРОБЛЕМЫ ОРГАНИЗАЦИИ УПРАВЛЕНЧЕСКОГО УЧЕТА ЭНЕРГЕТИЧЕСКИХ КОМПАНИЙ

# PROBLEMS OF ORGANIZING MANAGEMENT ACCOUNTING OF ENERGY COMPANIES

**Исраилов Тимур Мурзабекович**
*Исраилов Тимур Мурзабекович*
*Исраилов Тимур Мурзабекович*

**Э.и.к., доцент, Ош Мамлекеттик университети**
*К.э.н., доцент Ошский государственный университет*
*Candidate of Economic Sciences, Associate Professor, Osh State University*
*israilov@oshsu.kg*

---

**Жанибек уулу Тагайбек**
*Жанибек уулу Тагайбек*
*Жанибек уулу Тагайбек*

**Магистрант, Ош Мамлекеттик университети**
*Магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's student, Osh State University*

---

**Ильясова Элиза Кумарбековна**
*Ильясова Элиза Кумарбековна*
*Ильясова Элиза Кумарбековна*

***Магистрант, Ош Мамлекеттик университети***
*Магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's student, Osh State University*

# ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПАНИЯЛАРДЫН БАШКАРУУ ЭСЕБИН УЮШТУРУУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

**Аннотация**

Бул статьяда энергетикалык компаниялардын башкаруу эсебин уюштуруунун негизги өзгөчөлүктөрү карлаган. Башкаруу эсептин негизги түшүнүгү, максаты, милдеттери, функциялары, автордук түшүнүк кеңири изилденген. Мындан сырткары, электроэнергияны өндүрүүдөгү чыгымдарды эсепке алуунун методдору, аларды колдонуу чөйрөсү, көйгөйлөрү жана аларды чечүү жолдору каралган. Калькуляция методдорунун колдонулушунун артыкчылыктары жана кемчилдиктери изилденген жана практикалык көрсөтмөлөр менен рекомендациялар иштелип чыгып, сунушталган.

**Ачкыч сөздөр:** бухгалтердик эсеп, башкаруу эсеби, энергетикалык компаниялар, өндүрүү, калькуляция, чыгымдар, өздүк нарк, чарбалык жыйынтык, пайда, бюджет ж.б.

## *ПРОБЛЕМЫ ОРГАНИЗАЦИИ УПРАВЛЕНЧЕСКОГО УЧЕТА ЭНЕРГЕТИЧЕСКИХ КОМПАНИЙ*

**Аннотация**

В данной статье описаны основные особенности организации управленческого учета энергетических компаний. Подробно изучены основное понятие, цель, задачи, функции, авторская концепция управленческого учета. Кроме того, представлены методы учета затрат при производстве электроэнергии, сфера их применения, проблемы и пути их решения. Изучены преимущества и недостатки использования методов расчета, разработаны и представлены практические выводы и рекомендации.

***Ключевые слова:*** *бухгалтерский учет, управленческий учет, энергетические предприятия, производство, калькуляция, затраты, себестоимость, экономический результат, прибыль, бюджет и др.*

## *PROBLEMS OF ORGANIZING MANAGEMENT ACCOUNTING OF ENERGY COMPANIES*

**Abstract**

In this article describes the main features of the organization of management accounts of energy companies. The main concept, purpose, tasks, functions, authorship concept of management accounting are studied in detail. In addition, the methods of cost accounting in electricity production, the scope of their application, problems and ways to solve them are provided. Advantages and disadvantages of the use of calculation methods are studied and practical guidelines and recommendations are developed and presented.

***Keywords:*** *accounting, management accounting, energy companies, production, costing, costs, cost, economic results, profit, budget, etc.*

“Ошэлектро” ААКу 2001-жылдын 12-июнунда “Кыргызэнерго” ААКны кайра уюштуруунун натыйжасында түзүлгөн. 2001-жылдын ичинде “Кыргызэнерго” ААКсын бөлүп чыгаруу Өкмөттүн 1998-жылдын 5-июлундагы № 333 токтому менен бекитилген “Кыргызэнерго” акционердик коомун кайра уюштуруу жана менчиктештирүү узак мөөнөттүү мамлекеттик программасына ылайык ишке ашырылган. Натыйжада кайра уюштуруунун натыйжасында “Кыргызэнерго” ААКсы жети жаңы компанияга бөлүнгөн, аларга бардык активдери жана милдеттенмелери, ошондой эле “Кыргызэнерго” ААКсынын операциялык ишмердүүлүгү өткөн. “Кыргызэнерго” ААКсынын акционерлери жаңы ишканаларда менчиктин эквиваленттүү үлүшүн алышты. Андан ары 2007-жылдын 27-августунда Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 77032-3310-ОАО каттоо номери менен кайра каттоо жүргүзүлгөн. “Ошэлектро” ААК - Кыргыз Республикасынын электр энергиясын керектөөчүлөргө бөлүштүрүү жана сатуу боюнча энергетикалык компания. 2020-жылдын 31-декабрына жана 2019-жылга карата Компаниянын кызматкерлеринин жалпы саны 2098 жана 2059 кызматкер болгон. Юридикалык аталышы: “Ошэлектро” ачык акционердик коому жана Ош шаарында, Раззакова көчөсүндө 19а дарегинде жайгашкан.

“Ошэлектро” ААКу Ош жана Баткен облустарындагы 13 аймактык электр тармактарын жана Ош шаарынын электр тармактарын камтыйт. “Ошэлектро” ачык акционердик коомунун 2020-жылдын 31-декабрына жана 2019-жылга карата уставдык капиталы 169816 миң сомду түзөт. 2020-жылдын 31-декабрына жана 2019-жылга карата “Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы” ААК жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду 93,65% уставдык капиталга ээ болгон негизги акционерлер болуп саналат.

1-таблица. 2020-жылдын 31-декабрына жана 2019-жылга карата Акционерлердин уставдык капиталдагы үлүшү.

| | **Саны жөнөкөй акциялар** | **Төлөндү капитал** | **Жалпысынан капитал %** |
|---|---|---|---|
| «Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы» ААК компания" | 776,873 | 136,677 | 80.49% |
| Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду | 127,040 | 22,350 | 13.16% |
| Жеке жана юридикалык жактар | 61,324 | 10,789 | 6.35% |
| | 965,237 | 169,816 | 100,00% |

Компаниянын акыркы контролдоочу тарабы болуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтү саналат, т.а Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу фонду тарабынан көрсөтүлгөн.

Кыргызстандын эсептик практикасындагы башкаруучулук эсеп Батыш өлкөлөрүнөн өткөн кылымдын 30-жылдарында АКШнын автозаводдорунда жаралган жаңылык болуп саналат.

Башкаруу бухгалтердик эсебинин методологиясы өндүрүштүк жана башкаруу чыгымдарын калыпташтыруу жана контролдоонун ыкчам системасындагы курал катары өзүн көрсөттү. Тилекке каршы, тармактын баардык ишканаларында иш жүзүндө мындай эсепке алуу системасын жүргүзүү жайылтылган жок. Изилдөө көрсөткөндөй, мындай абалдын олуттуу себептеринин бири катары ата мекендик ишканаларда башкаруу эсеби теория-методологиялык, ошондой эле уюштуруу-практикалык усулдарынын иштелип чыкпагандыгы да болуп саналат.

Ишканалардагы башкаруу эсеби К. Друринин ою боюнча: “Башкаруу эсеп- бул ишкананын ички колдонуучуларга негизделген башкаруучулук чечим кабыл алуу үчүн тиешелүү маалыматты даярдап жеткирип берүү” эсептелсе [1;4б.], ал эми Н.П. Кондраковдун ою боюнча: “Башкаруу эсеби - бул ишкананы жана анын түзүмдөрүн эффективдүү пландоо, эсеп жүргүзүү, контролдоо жана башкаруу үчүн чарбалык ишмердүүлүк боюнча маалыматты топтоо, каттоо, жалпылоо жана камсыздоо системасы” [2;341б.].

М. Исраиловдун ою боюнча: “Башкаруу эсеп - бул ишкананын сырткы чөйрөдө эффективдүү иштеши үчүн башкаруу персоналынын негизделген стратегиялык, оперативдик, техникалык чечимдерди кабыл алуудагы маалыматты даярдоо жана жеткирип берүү” [3; 37б.] деп көргөзүлгөн. Ал эми Ч.Т. Хорнгрен, Д.Ж. Фостердин ою боюнча: “Башкаруу эсеп –бул кандайдыр бир обьектти башкаруу үчүн маалыматты идентификациялоо, ченөө, топтоо, системалаштыруу, талдоо, бөлүштүрүү, интерпретациялоо жана жеткирип берүүдөгү ички эсеп” [4; 8б.].

Н.Г. Данилочкина ж.б. авторлор өзүнүн “Контроллинг – ишкананы башкаруу куралы” деген китебинде: “Башкаруу эсеби – бул контроллинг, себеби ишкананын эффективдүү жана рентабелдүү иштеши үчүн толук контроллинг зарыл, а бул башкаруу эсеби менен уюштурулат” –деген [5;4б.].

М. Исраилов жана К.Х Борфиев “Тажикстан Республикасындагы айыл чарба өндүрүшүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн башкаруу жана аны эсептик - аналитикалык камсыздоо” – аттуу эмгегинде, “Башкаруу эсеби – бул ишканадагы бюджетти түзүү, пландаштыруу, контролдоо жана башкаруу максатында, бүтүндөй ишкана же түзүмдүк бөлүм же жоопкерчилик борборлор боюнча маалыматты чогултуунун, каттоонун, жалпылоонун жана иреттеп берүүнүн тутуму” – деп эсептейт [6; 68б.].

Жогоруда айтылгандай, башкаруу бухгалтердик эсептин аныктамасы К.Друри жана Н.П.Кондраков тарабынан бул эсептин подсистемасы биринчи кезекте башкаруу чечимдерин кабыл алуу үчүн маалымат берүүчү деп айтылат. Бирок башкаруу бухгалтердик эсептин топтолгон отчеттук маалыматтарынын негизинде жүргүзүлүшү да мүмкүн, башкача айтканда, эсептик мөөнөтү аяктагандан кийин, бирок бул ыкчам башкаруу чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат.

Ошондуктан башкаруу чечимдеринин бардык 3 деңгээлин (стратегиялык, ыкчам, техникалык) камтыган профессор М.Исраиловдун башкаруу эсебинин аныктамасын негиздүү деп эсептейбиз. Бул эсепке алууну уюштуруу жана нормативдик эсеп элементтерин колдонуу менен өндүрүштүк чыгымдарды башкаруу боюнча өзгөчө маанилүү айырмачылыктарды өз убагында аныктоого мүмкүндүк берет.

Биз ошондой эле профессор Н.П.Кондраковдун пикири: “Башкаруу эсеби - бул ишкананы жана анын түзүмдөрүн эффективдүү пландоо, эсеп жүргүзүү, контролдоо жана башкаруу үчүн чарбалык ишмердүүлүк...” менен да макул эмеспиз. Белгилүү болгондой, башкаруу эсеп, ал биринчи кезекте расмий стандартташтыруу менен жөнгө салынбаган ички

эсепке алуу болуп саналат, анткени, экономикалык иш боюнча ал жалпы маалыматты камтыбайт.

Берилген аныктамаларынын негизинде төмөндөгүдөй тыянак чыгарсак болот: “Башкаруу эсеби – бул ишкананы эффективдүү башкаруу үчүн тиешелүү жактарга керектүү маалыматты топтоп, ченеп, каттап, талдап, даярдап берүү менен камсыздоо системасы болуп саналат”.

Мындан сырткары, башкаруу эсеп негизделген башкаруучулук чечим кабыл алууда ички колдонуучуларга маалымат даярдап берүүчү булак болуп эсептелет. Андыктан башкаруу эсебинин тыянактары жана сунуштары жетекчилерге эң зарыл болуп саналат.

Башкаруу эсебинин эң негизги аспекттеринин бири бул ишкананын финансылык-экономикалык абалын чыңдоого жана финансылык туруктуулукту камсыз кылууга багытталган. Ишкананын ички оперативдик башкаруу үчүн тиешелүү маалыматты камсыздоо үчүн, чарбалык ишмердүүлүктүн экономикалык абалын чыңдоо үчүн, башкаруу процессин эффективдүү уюштурууга багытталган. Башкаруу эсептин дагы бир негизги аспекттеринин бири болуп ишкананын структуралык түзүмдөрүнүн өз ара эффективдүү иштешине жана өз ара атаандаштыкка жөндөмдүүлүккө үндөйт. Башкаруу эсеп негизинен максатка жетүү үчүн керектүү болгон негизделген маалыматты даярдайт жана камсыз кылат [9].

Демек жыйынтыктап жатып, башкаруу эсебинин мазмунун жана компоненттерин конкреттештирүүгө болот: чыгымдардын объекттерин так аныктайт, аларды азайтуу жолдорун талдайт; өндүрүштүн чыгымдарынын статьяларынын үлүшүн аныктайт жана продукциянын өздүк наркын пландаштырат; чыгымдарды бюджеттөө механизмдерин иштеп чыгат жана алардын сакталышын контролдойт, айырмачылыктардын себептерин изилдейт; продукциянын баасын негиздейт; ишкананын пландалган кирешесинин эсебин камсыз кылат.

Башкаруу эсептин негизги максаты – жетекчилик органдарга чечим чыгаруу үчүн тиешелүү маалыматты камсыз кылуу жана ишкананын финансылык – экономикалык абалын эффективдүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат. Максатка ылайык башкаруу эсептин негизги милдеттери төмөнкүлөр эсептелет:

- ишкананын материалдык, финансылык жана эмгек ресурстары боюнча маалымат менен тиешелүү менеджерлерди жана жактарды камсыздоо;
- ишкананын чыгымдарынын жана кирешелеринин эсебин жалпы ишкана боюнча, структуралык түзүм боюнча жана жоопкерчилик борбору боюнча топтоо жана контролдоо;
- чыгарылган продукциянын (жумуштун жана тейлөөнүн)өздүк наркын структаралык түзүм боюнча жана жоопкерчилик борборлору боюнча аныктоо;
- ишкананын жалпы чарбалык жыйынтыгын, структуралык түзүмдөр боюнча жана жоопкерчилик борбору боюнча финансылык жыйынтыгын чыгаруу;
- модернизациялоо үчүн, жаңы технологияларды жана техникаларды ишке киргизүүдө чечим кабыл алуу үчүн негизделген маалыматты даярдоо жана камсыздоо;
- эффективдүү иштөө үчүн жалпы ишкана же структуралык түзүм же жоопкерчилик борбор үчүн сметаны же бизнес – планды түзүү, анын аткарылышын көзөмөлдөө жана аткарылбай калса, себептерин изилдөө;
- чечим кабыл алуу үчүн башкаруу персоналына жана башка керектөөчүлөргө зарыл болгон башкаруучулук отчетту даярдап камсыз кылып берүү;

- ишкананын кыска жана узак мөөнөттөгү стратегиялык өнүгүү багыттарын прогноздоо жана прогнозун баалоо же пландоо максатындагы өткөн маалыматтардын анализдөөнүн негизинде келечек пландарды түзүү;
- перспективдүү планды түзүүдө керектүү маалыматтар менен камсыздоо ж.б. [8; 14б.].

Башкаруу эсебинин негизги функциялары болуп Т.М. Исраилов жана А.А. Курманбекованын китебинде төмөндөгүлөр эсептелет:

- пландаштырууда башкаруу эсеби ишкананын жетекчилигине келечекти божомолдоолордун негизги стратегиялык багытын түзүүгө жардам берет, т.а. өндүрүштүн көлөмүн аныктайт, алардын эмгектик, материалдык жана өндүрүштүк кыйыр чыгымдарынын, продукциянын өздүк наркынын, сатуунун божомолдуу көлөмүн, ишкананын божомолдуу чарбалык-финасылык жыйынтыгын, прогноздуу балансты ж.б. түзүүгө аябай чоъ жардам берет;
- бюджеттештирүүдө же бюджет (смета) түзүүдө башкаруу эсеби кыска мөөнөттөгү өндүрүүдөгү жана сатуудагы эъгеизги ролдордун бирин ойнойт жана келечекке түзүлө турган сметага ишкананын финансылык аналитикалык маалыматты даярдап берет. Мындан сырткары, башкаруу эсеп бюджетти түзүү процедурасын (негизги структуралык түзүмдөр боюнча же убакыттык аралыкта ж.б. өлчөмдөр боюнча) аныктайт. Алдын ала түзүлгөн пландарды макулдашуулар менен бюджетке алып келүү жана аны жетекчилик тарабынан бекитүүгө жеткирүүдө башкаруу эсептин ролу өзгөчө. Негизинен, жетекчиликке башкаруу чечимин кабыл алуу үчүн кирешелер, чыгымдар, пайда жана зыяндар боюнча божомолдоолордун баардык варианты сунушталат;
- планды аткарууну уюштурууда башкаруу эсептин ролу ишканада атайын денгээлдик структуралык түзүмдөр түзүлүп, ошол түзүмдөргө планды же сметаны кабыл алуу үчүн жана аткарууда менеджерлер дайындалып жоопкерчилик жүктөлөт. Мындай кадамдар менен жогорку денгээлдеги мнеджментти тиешелүү жоопкерчиликтүү, өздөрү түшүнгөн жана аткаруу резервдерин жогорулаткан структуралык түзүмдөрдүн өздөрүнө берилет. Бул иш-чаралар кирешелүүлүктүн жана бизнестин пайдалуулугун жогорулатат [7; 11б.].

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк алган убактан бери мамлекетибизде базар экономикасынын мыйзамдары иштей баштады жана бул убакыт ичинде бир топ өзгөрүүлөр болуп өттү. Анын алкагында бухгалтердик эсеп жана экономикалык анализ тармагында да фундаменталдуу өзгөрүүлөр болуп, финансылык маалыматты колдонуучу тараптардын саны өстү. Эгерде өткөөл мезгилге чейин бухгалтердик эсеп жана анализ маселелерин адистер гана талкуулашса, азыркы учурда бул маселелер баардык жалпы элдин катмарына, анын ичинде жөнөкөй потенциалдуу салык төлөөчүдөн баштап дасыккан саясатчыга же ишкерге дейре кызыктуу болуп калды. Учурдагы абалга чейин чейрек кылым ичинде аталган тармактагы реформалар ар түрдүү деңгээлде жүрүп түрдүү оң жана терс жыйынтыктар менен коштолуп жүрүп келди.

Республикабыз өз алдынча көз карандысыз мамлекет болгондон баштап бухгалтердик эсеп системасын реформалоо процесси башталган жана дүйнөдө болуп жаткан өзгөрүүлөргө шайкеш келтирүү процессин ишке алуу менен, ошондой эле ишканаларды башкаруу системасын өнүктүрүү жана аны заманбап жаңы шарттарга ылайык келтирүү максатында Кыргыз Өкмөтүнүн бир нече токтомдору кабыл алынып, бекитилген.

Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасында бухгалтердик эсепти, анын ичинде башкаруу эсебин уюштуруу учурдун талабына жана базар экономикасынын стандарттарына

ылайык жүргүзүү бүгүнкү күндүн ири проблемасы катары каралууда. Биздин изилдөөбүздө атайын анкета түзүү менен (анкетаны 2-тиркемеден көрсөңүз болот) сурамжылоо жүргүзгөндө өндүрүш тармагындагы ишканалардын 70%ы Советтик эсеп системасынын негизинде, 20%ы (10дон экөө гана) ФОЭСке ылайык, 10%ы (10дон бирөө) эсепти жүргүзбөйт жөн гана салыктык отчеттуулукту тапшырат. Ошондуктан бул багытта өндүрүш ишканаларынын башкаруу системасында, анын ичинде бухгалтердик башкаруу эсебинде реформалоо өтө зарыл.

Кыргызстанда ФОЭСке өтүүгө канчалык башка коңшу мамлекеттерге салыштырмалуу радикалдуу реформалар жүрбөсүн ийгиликтүү натыйжа чыга электей көрүнөт. Бул ойго азыркыга чейинки ишканалардын башкаруу системасындагы проблемалар жана анын сапаты себеп болуп турат. Андыктан башкаруу системасында башкаруунун атаандаштыгын түзүү бул менеджменттин дагы бир базар экономикасындагы өзгөчөлүгү болуп эсептелген атаандаштык принцибин иш жүзүнө ашыруу зарыл. Бул маселеде мекеменин башкаруу системасын, анын ичинде башкаруу системасынын бири болгон бухгалтердик эсепти өнүктүрүү максатка ылайык. Жалпы өлкөбүздүн экономикалык субьектерин башкаруунун бир бутагы болгон бухгалтердик эсепти азыркы менеджменттин талаптарына ылайык уюштуруу учурдун проблемалуу маселелеринин бири болуп эсептелет.

ФОЭСтын (ФОЭС - финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары) Кыргызстанга жайылуусу менен бир топ мурдагы фундаменталдуу түшүнүктөр, теориялык аныктамалар, концептуалдык принциптер алмашылды. Мисалы, акыркы убактарда “пассив” термини “Бухгалтердик баланс” отчеттук формасында колдонуудан чыгып бара жатканы белгилүү, анын ордуна “Милдеттенмелер” жана “өздүк капитал” деп белгиленет. Мындай батыштан келген аталыштар, биздеги тарыхый традициялык эсеп жана анализ түшүнүктөрүн алмаштырып бухгалтердик эсеп терминдерин жана экономикалык көрсөткүчтөрдү колдонууда бир топ ыңгайсыздыкты жаратууда. Мисалы, “Дебитордук карыз” – “Алынуучу счеттор”, “Кредитордук карыз” – “Берилүүчү счеттор” ж.б. келтирсек болот.

ФОЭСтын негизинде келген кээ бир теориялык жана экономикалык түшүнүктөр Кыргызстандын шартында колдонулбагандыгына байланыштуу маани-маңызы ачылбай келет. Мисалга: хеджирование, финансалык инструменттер ж.б.

Проблемалардын дагы бир багыты болуп бул тарапта бухгалтердик эсепти алып барууда жогорку квалификациялуу адистерди даярдоодо адистик боюнча окуу куралдарынын жана бухгалтер-практиктер үчүн методикалык иштелмелердин мамлекеттик тилде жетишсиздиги тоскоол болууда. Өлкөбүздө кыргыз тили-мамлекеттик тил статусун алгандан бери жаңы базар экономикасынын шарттарына ылайык түзүлгөн кызыккан тараптарга мамлекеттик тилде жазылган бухгалтердик эсепти мекемелерде уюштуруу жана аны талапка ылайык алып баруу боюнча мыйзамдык нормативдик актылар, жоболор жана колдонмолор басылып чыгарылып жатканы менен практикада колдонулуусу солгун. Себеби котормолордун сапатынын жоктугу жана бир эле сөздүн чар жайыт жана ар түрдүү маанидеги бир канча котормолорунун басылмаларда орун алышы ансыз да түшүнүүгө кыйынчылык туудурган спецификалык терминдерди андан ары татаалдаштырууда. Бул проблеманын чечилиши бухгалтерлердин коомдук уюмдарына жана Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы мамлекеттик тил агентствосунун ишине байланыштуу десек туура болот. Бара - бара өнүгүп бара жаткан кыргыз тили бул багытта өз ордун табат жана бухгалтердик эсеп жана аудит боюнча мамлекеттик тилди колдонуу жакшырат деп ойлойбуз.

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүктү алгандан бери 30 жылдан ашык убакыт өтүп, бул аралыкта бухгалтердик эсеп жана экономикалык анализ жаатында бир топ өзгөрүүлөр жана радикалдуу реформалар болуп өттү. Жетишилген ийгиликтер менен кошо аталган сферада бир топ терс жагдайлар да орун алган. Мисалы, акыркы мезгилдеги бухгалтерлерди даярдоонун сапаты, адистердин компетенттүүлүгү жана ишке жарамдуулугу бир топ төмөндөп кеткен. Факт катары миңдеген дипломдуу бирок жумуш таба албай жүргөн кесиптештерибизди мисалга келтирсек жетиштүү. Анын үстүнө Кыргызстандын жогорку окуу жайларында бухгалтер-экономистерди даярдоо учурдагы дүйнөлүк өзгөрүүлөрдөн жана жаңылануулардан артта калууда. Ошол эле учурда майда мобилдүү болгон жеке менчик курстар бул багытта бир топ алдыга озуп кетишкендиги байкалат. Мындай курстар кыска мөөнөттө эл аралык сертификация системасы боюнча эл аралык деңгээлдеги сертификаттарга (CAP\CIPAEN) жетишүүгө жарандарды окутууда чоң ийгиликтерди жаратууда.

Бул кадрларды даярдоо проблемасы түрдүү факторлорго, анын ичинде социалдык, экономикалык жана маданий тарбиялык ж.б. байланыштуу жана анын натыйжасында азыркы окуучулардын билим деңгээли тактап айтканда билимди практикада колдоно билүүсү бүгүнкү күндүн талабына жооп бербейт. Мындан тышкары адам баласынын түрдүү жашоо шарттарына информациялык технологиялардын кириши жана компьютерлердин бул жашоодо байма-бай колдонулушу жаш адистердин рынок мыйзамдарын түшүнүүсүнө, базар экономикасынын негиздерин аңдап билүүдө жана абстракттуу ойлоо сезимдеринин өнүгүүсүнө тоскоол болууда.

Экинчи бир олуттуу проблемалардын бири катары бухгалтердик эсептин укуктук жана нормативдик базасын алып карасак болот. Кыргыз Республикасында бухгалтердик эсептин негизги укуктук жана нормативдик базасы болуп финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары эсептелери баарыбызга белгилүү. Ал эми негизги проблема ошол ФОЭСтын кандай деңгээлде практикада колдонулуп жатканында десек туура болот.

Акыркы 30 жылдан ашуун убакта бир нече чакан жана орто бизнестеги ишканалар пайда болду. Анын негизинде ишканалардын финансылык отчетторун түзүүдө бирдиктүү системаны кароо маселелери карала баштады. Анткени кичи жана орто ишканалар тармагында бирдиктүү стандарттын болуусу, түрдүү өлкөлөрдүн ишканаларынын бухгалтердик отчеттуулуктарын салыштыруу, өндүрүштүк чыгымдарды азайтуу менен финансылык отчеттун маалыматтык сапатын көтөрүү, ишкананын чарбалык-финансылык ишмердигин пландоо, инвестициялык климатын кеңейтүү мүмкүнчүлүктөрүн берет. Ошондуктан көпчүлүк өлкөлөр финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары толук жана толук эмес колдонууга өтүшкөн. Бирок финансылык отчеттулуктун эл аралык стандарттарында кичи жана орто ишканалардын субъектеринин иштөө процесстери, эсепти жүргүзүүдөгү кыскартылган формалары ж.б. толук көрсөтүлбөгөндүктөн ФОЭС боюнча комитет 2009-жылы чакан жана орто ишкердүүлүк үчүн ФОЭСты (ЧжОИ үчүн ФОЭС) иштеп чыгып сунуштады. Бул документ биздин өлкөдөгү ишканаларда да колдонула баштады. Бирок Кыргыз өкмөтүнүн 2012-жылдын 30-майындагы № 344 токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы бухгалтердик эсеп жөнүндө” мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилип коомдук кызыкчылыгы (публичные интересы) бар экономикалык субъекттер үчүн ФОЭС, ал эми жеке кызыкчылыктагы чарбалык субъекттер үчүн ЧжОИ үчүн ФОЭСтын кыскартылган стандарттары жана бюджеттик мекемелер же коомдук (анын ичинде мамлекеттик) сектор үчүн Коомдук сектор үчүн ФОЭСты колдонуу кабыл алынды.

Иш жүзүндө Кыргыз Республикасы базар экономикасына өткөн мезгилден баштап көп ири ишканалар анын ичинде акционердик коомдор өздөрүнүн ишкердүүлүгүндө ФОЭСты талапка ылайык колдоно албай  финансылык абалдарын начарлатып алып экономикалык кризиске учураган.

эл аралык стандартты түшүнүү жана практикада колдонуу өлкөбүздөгү жөнөкөй колдонуучулар эмес  адистер үчүн да бир топ кыйынчылыктарды жаратып келет. Жыйынтыгында мамлекетибизде ФОЭСтин колдонуучуларга түшүнүктүү болуусу үчүн бир топ иш-чараларды өткөрүү керектиги ачык болуп турат. Бул тарапта төмөнкү иш-чараларды өткөрүү максатка ылайык деп ойлойбуз:

1. мамлекеттик органдар тарабынан ФОЭСтин үч түрү тең кыргыз тилиндеги варианты басмадан чыгарылуусу зарыл (ФОЭСтин өзү, ЧжОИ үчүн даярдалган стандарттар жана коомдук ишканалар үчүн даярдалган стандарттар).
2. мамлекеттик органдар жана ведомстволор тарабынан ФОЭСти колдонуу боюнча түшүндүрмөлөр жана усулдук көрсөтмөлөр даярдалуусу колдонуучулар үчүн пайдалуу.
3. аталган ФОЭСтин 3 түрү ушул тармактагы адистиктердин окуу пландарына кийирилүүсү жаңы заманбап адистерди экономикага даярдоонун жолу болуп калат деп ойлойбуз.
4. ФОЭСти элдин калың катмарына жайылтуу максатында коомдук угууларды жана талкууларды уюштуруу жалпы жарандардын финансылык сабаттуулугун арттырууга өбөлгө түзөт десек жаңылышпайбыз.

Аталган иш-чаралар өлкөбүздө жарандардын экономикалык ой-жүгүртүүсүн жана финансылык сабаттуулугун арттырып алардын экономикага жана ишкердүүлүккө болгон мамилесин өзгөртүп коомчулуктагы кайдыгерликтин, тобокелчиликтин жана ысырапкорчулуктун алдын алууга жардам берет деп ишенебиз. Финансылык сабаттуулукту жоюунун максаты болуп жалпы жарандар өздөрүнүн керектөөсүнө ылайык финансылык маалыматтарды топтоо, эсептөө, талдоо жана алардын негизинде пландарды жана прогноздорду түзүү жана проекттерди ишке ашыруу эсептелет. Андыктан коомчулукта жөнөкөй колдонуучулар жок дегенде ишканалардын финансылык отчетторун талдай ала турган болуусу зарыл. Ал эми бул деңгээлге жетүү үчүн колдонуучулар бухгалтердик эсептин жана экономикалык талдоонун жок дегенде минималдуу “алиппесин” билүүсү керектелет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Друри, К. Башкаруу жана өндүрүштүк эсеп:окуу куралы / Друри К. – М.: Единство, 2017., 1314 бет.
2. Кондраков, Н.П. Управленческий учет: учебник/Н.П. Кондраков. - М.: «ИНФРА-М», 1999. – С. 664
3. Исраилов, М. Агрардык реформалардын проблемалары: башкаруу-маалыматтык аспектилери /Монография/М.Исраилов. - Бишкек: -  «Учкун» АК, 1997. – 164 б.
4. Хорнгрен,С.Т. Бухгалтердик эсеп: башкаруу аспекти/ С.Т. Хорнгрен, Фостер Дж. - М.: Финансы жана статистика, 1995. – 568б.
5. Данилочкина, Н.Г. «Контроллинг – ишкананы башкаруу куралы» / Е.А. Ананкина, С.В. Данилочкин, Н.Г. Данилочкина ж.б./ Н.Г. Данилочкинанын редакциялыгында. - М.: Аудит, Юнити, 1999. -  384 б

6. Исраилов, М. Тажикстан Республикасында айыл чарба өндүрүшүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн башкаруу жана аны эсепке алуу жана аналитикалык камсыздоо / М. Исраилов, Х.Х. Борфиев. – Душанбе, 2020. – 316 б.
7. Исраилов, Т.М. Финансовый учет [Текст] / Т.М. Исраилов, А.А. Курманбекова.-Ош.: «ЧП Тойчубаев А.А.»,2015.-630с. / https://scholar.google.ru/citations?view_op=view_citation&hl=ru&user=eVYHBTkAAAAJ&citation_for_view=eVYHBTkAAAAJ:GnPB-g6toBAC
8. Исраилов Т.М. Курс лекций по предмету «Управленческий учет» / Т.М. Исраилов, А.А. Курманбекова.-Ош.: «ЧП Тойчубаев А.А.», 2018.-202с./ https://elibrary.ru/contents.asp?titleid=56963
9. Абдрасулова, Ж. Ж. Цифровизация банковского сектора экономики: проблемы и пути совершенствования / Ж. Ж. Абдрасулова, С. Ж. Абдрасулова // Вестник Ошского государственного университета. Экономика. – 2022. – № 1(1). – С. 154-163. – EDN: LPPRZP.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ЭКОНОМИКА
ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ЭКОНОМИКА
JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. ECONOMICS
**e-ISSN: 1694-8734**
№1(4)/2024, 143-148

**УДК: 334.021.1**
**DOI:** 10.52754/16948734_2024_1(4)_20

# ОСОБЕННОСТИ ОРГАНИЗАЦИИ БУХГАЛТЕРСКОГО УЧЕТА МАЛОГО И СРЕДНЕГО ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВА В УСЛОВИЯХ ЦИФРОВИЗАЦИИ

САНАРИПТЕШТИРҮҮ ШАРТЫНДА КИЧИ ЖАНА ОРТО ИШКАНАЛАРДЫН ЭСЕБИН УЮШТУРУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

FEATURES OF ORGANIZATION OF ACCOUNTING FOR SMALL AND MEDIUM ENTERPRISE IN THE CONDITIONS OF DIGITIZATION

**Ташкулова Гульэра Бегимкуловна**
*Ташкулова Гульэра Бегимкуловна*
*Gulera Begimkulovna Tashkulova*

**К.э.н., доцент, Ошский государственный университет**
*Э.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети*
*Candidate of Economics, Associate Professor, Osh State University*
*tashkulova.g@mail.ru*

---

**Илимбеков Медетбек Илимбекович**
*Илимбеков Медетбек Илимбекович*
*Ilimbekov Medetbek Ilimbekovich*

**Магистрант, Ошский государственный университет**
*Магистрант, Ош мамлекеттик университети*
*Master's student, Osh State University*

# ОСОБЕННОСТИ ОРГАНИЗАЦИИ БУХГАЛТЕРСКОГО УЧЕТА МАЛОГО И СРЕДНЕГО ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВА В УСЛОВИЯХ ЦИФРОВИЗАЦИИ

**Аннотация**

В статье рассмотрены особенности организации учета налоговых обязательств субъектами малого и среднего предпринимательства в Кыргызстане. Изучены современные тенденции, преимущества и недостатки цифровизации, определены особенности внедрения цифровых технологий, формирование направлений и проблем цифровизации бухгалтерского учета, обозначены тенденции, преимущества и недостатки цифровизации, некоторые вопросы по применению норм бухгалтерского и налогового законодательства, предложены основные направления по решению выявленных проблем.

**Ключевые слова:** налоги, малый и средний бизнес, упрощенная система налогообложения, учет налогов, налоговая отчетность.

## *САНАРИПТЕШТИРҮҮ ШАРТЫНДА КИЧИ ЖАНА ОРТО ИШКАНАЛАРДЫН ЭСЕБИН УЮШТУРУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ*

**Аннотация**

Макалада Кыргызстандагы чакан жана орто бизнестин салыктык милдеттенмелерин эсепке алууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрү каралат. Санариптештирүүнүн учурдагы тенденциялары, артыкчылыктары жана кемчиликтери изилденип, санариптик технологияларды киргизүүнүн өзгөчөлүктөрү, бухгалтердик эсепти санариптештирүүнүн багыттары жана көйгөйлөрү аныкталды, санариптештирүүнүн тенденциялары, артыкчылыктары жана кемчиликтери аныкталды, колдонууга байланыштуу айрым маселелер аныкталды. бухгалтердик эсеп жана салык мыйзамдары сунушталып, аныкталган көйгөйлөрдү чечүүнүн негизги багыттары сунушталды.

***Ачкыч сөздөр:*** *салыктар, чакан жана орто бизнес, жөнөкөйлөштүрүлгөн салык системасы, салыктык эсеп, салыктык отчеттуулук.*

## *FEATURES OF ORGANIZATION OF ACCOUNTING FOR SMALL AND MEDIUM ENTERPRISE IN THE CONDITIONS OF DIGITIZATION*

**Abstract**

The article discusses the features of organizing the accounting of tax obligations by small and medium-sized businesses in Kyrgyzstan. Current trends, advantages and disadvantages of digitalization have been studied, features of the implementation of digital technologies, the formation of directions and problems of digitalization of accounting have been identified, trends, advantages and disadvantages of digitalization have been identified, some issues regarding the application of accounting and tax legislation have been proposed, and main directions for solving identified problems have been proposed.

***Keywords:*** *taxes, small and medium-sized businesses, simplified taxation system, tax accounting, tax reporting*

Под натиском цифровизации, меняются и формы ведения учета и регистрации информации. Для обеспечения эффективности своей работы профессиональным бухгалтерам и финансистам приходится расширять не только знания и навыки использования норм и правил учета, но и технические навыки. Несмотря на все вышеперечисленные изменения, наличие недобросовестных предпринимателей остается неизменным, во многих странах занижения доходов предпринимателями воспринимается обществом как обычное явление, попытки устранения теневой экономики была и остается одной из главных проблем многих стран.

Изучение деятельности МСП имеет особое значение для нас, так как, малый и средний бизнес в Кыргызстане играет важную роль в экономике страны, создавая рабочие места, стимулируя инновации и способствуя устойчивому экономическому развитию (рис 1).




Рис 1. Основные показатели деятельности малого и среднего предпринимательства в КР за 2022-2023гг. *(Составлен автором на основании данных Нацстаткома КР[1])*

По данным Национального статистического комитета Кыргызской Республики на 1 января 2023 года на территории КР, насчитывалось более 16587 единиц действующих малых и средних предприятий. Численность занятых в МСБ в 2022 году составила около 534,6 тысяч человек или 22.2% от общей численности занятых в экономике. Объем валовой добавленной стоимости, произведенной малым и средним бизнесом, составляет 420387,6 млн. сомов или 43,3% ВВП.

Правительством принимаются меры по поддержке сектора МСБ, включая упрощение процедур регистрации бизнеса, снижение налогового бремени и предоставление финансовой поддержки через государственные программы, а также нормы, направленные на создание условий для добросовестной конкуренции и сокращения теневой составляющей экономики. При этом, стоит отметить и роль системы бухгалтерского учета, как эффективной системы и важного инструмента во взаимосвязанной, сложной мировой экономике, в обеспечении эффективной и прозрачной информацией, что необходимо для экономического роста и стабильности. И здесь хотелось бы подчеркнуть, что по нормам бухгалтерского законодательства КР любой экономический субъект, со всеми своими правами и обязанностями должен вести бухгалтерский учет. И он в ответе за достоверность и полноту предоставленных данных в отчетности.

Бухгалтерский учет с каждым днем приобретает все большее значение. Современный бухгалтерский учет сильно отличается от тех, которые существовали несколько десятков лет

назад, которые состояли из бухгалтерских книг, анализа и всей финансовой информации, касающейся деятельности компании, хранившихся в отдельных бумажных либо в электронном виде. В настоящее время, в условиях цифровизации можно увидеть различного рода программных продуктов, облачных технологий для обработки информации. От качества и уровня организации системы бухгалтерского учета, призванной отражать все без исключения операции компании и предоставлять информацию пользователям, и в первую очередь руководству компании, напрямую зависит принятие решений и определение денежно-кредитной политики, поскольку качественная информация должна эффективно использоваться для получения максимальной экономической выгоды.

К тому же, современные программные обеспечения, при правильной настройке и установке учетной политики компании, также обеспечивают точную налоговую декларацию с достаточной гибкостью для поддержки различных методов признания доходов, используемых в строительной отрасли. То же самое и в налогообложении, то есть в рамках цифровизации налоговых процедур «Смарт Салым» в системе налогового администрирования внедрены и работают ряд масштабных проектов, в числе которых, электронные счета-фактуры, электронная товаротранспортная накладная, информационная система «Сводный пост», электронный патент и страховой полис, дислокация субъектов предпринимательства, представление отчета в онлайн формате и другие [2].

За последние годы наблюдается прогресс в обновлении нормативно правовой основы в области бухгалтерского учета. В последних обновлениях закона о̇ бухучете КР, были четко обозначены категории экономических субъектов, как средние, крупные и субъекты публичного интереса. К субъектам публичного интереса в данном случае относят эмитентов, ценных бумаг которые включены в листинг фондовой биржи, банки, финансово-кредитные учреждения, лицензируемые Национальным банком Кыргызской Республики, инвестиционные фонды, страховые компании, негосударственные пенсионные фонды.

Субъекты малого предпринимательства осуществляют ведение бухгалтерского учета отчетности в соответствии с упрощенными правилами, и на добровольной основе по решению руководства компании, утвердивших учетную политику, составляют отчетность в соответствии с МСФО для МСП

Субъектом среднего предпринимательства понимается субъект, который не является субъектом малого предпринимательства и всего активов на конец предыдущего отчетного года не более 10 миллиардов сомов, а объем выручки от продажи продукции, товаров, от оказания услуг не более 5 миллиардов сомов.

К крупному предпринимательству можно отнести субъект, у̧ которого всего активов на конец предшествовавшего отчетного года более 10 миллиардов сомов, и объем выручки от продажи продукции, товаров, от оказания услуг, за предшествовавший отчетный год более 5 миллиардов сомов. Если на отчетную дату в течение последних двух отчетных периодов экономические показатели субъекта не превышает пределы двух критериев, то субъект перестает быть субъектом крупного предпринимательства [3].

То есть малые предприятия на добровольной основе, а средние предприятия в обязательном порядке должны вести бухгалтерский учет.

Системы бухгалтерского учета и налогообложения должны быть динамичными и гибкими. Это способствует сокращению расходов на соблюдение правил и административные расходы налоговых органов.

Кыргызстан активно развивает свою налоговую политику, основанную на Налоговом кодексе, который играет ключевую роль во взаимодействии государства, бизнеса и граждан.

Однако, эффективность реализация налоговой политики и развитие учета во многом зависит от уровня квалификации и компетентности специалистов по налоговому администрированию и специалистов по учету [4].

Создание эффективной и справедливой налоговой системы является отнюдь не простой задачей, особенно для стремящихся к большей интеграции в международную экономику развивающихся стран. Полная автоматизация и оцифровывание транзакций полностью исключает риск манипуляций, мошенничества и коррупции. Что означает равноправие всех участников с любой точки мира [5, 6].

Идеальная налоговая система в стране должна обеспечить необходимые доходы, избегая чрезмерного государственного заимствования, причем это должно осуществляться без снижения экономической деятельности и без слишком значительного отклонения от налоговых систем в других странах. Когда развивающиеся страны пытаются установить эффективные налоговые системы, они сталкиваются со сложными проблемами, такими как:

- Сложности в сборе налогов из-за не совершенности налогового и таможенного администрирования.
- Ограниченный потенциал налоговой системы: неэффективное применение отдельных инструментов фискального контроля
- Недостаток квалифицированных кадров и ресурсов.
- Неравномерное распределение налоговой нагрузки, сопровождающийся обширным и не всегда обоснованным перечнем освобождений от уплаты налогов и других обязательных платежей.

Соблюдение бухгалтерского и налогового законодательства в основном зависит от квалификации бухгалтера. А профессиональная компетентность бухгалтера формируется через образовательную систему и развивается под влиянием профессиональных и мягких навыков. Также важную роль играет добросовестное поведение владельца бизнеса, которое формируется под влиянием политических и экономических изменений в стране и особенностей национального менталитета.

Особое внимание следует уделять улучшению процесса информирования налогоплательщиков по вопросам изменений в налоговом законодательстве с использованием инновационных методов, организации курсов повышения квалификации сотрудников ГНС и бухгалтеров.

Модернизация налогового администрирования с использованием инновационных цифровых технологий позволит минимизировать налоговые разрывы, увеличит поступления налогов, а также сократит долю теневой экономики.

## Список литературы:


1. Национальный статистический комитет, Кыргызстан в цифрах 2022-2023гг. // Электронный ресурс: URL: https://www.stat.kg/ru/publications/sbornik-kyrgyzstan-v-cifrah/
2. Ташкулова, Г. Б. Особенности учета и налогообложения строительной отрасли в Кыргызской Республике / Г. Б. Ташкулова, Ж. Обитшер Кызы // Вестник Ошского государственного университета. Экономика. – 2023. – № 2(3). – С. 35-41. – DOI: 10.52754/16948734_2023_2(3)_6. – EDN: JXQOMR.

3. Закон КР «Ȯ бухгалтерском учете» № 76, от 29.04.2002// Электронный ресурс: URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1032
4. Ташкулова Г.Б. Система управления качеством образовательных услуг в Кыргызстане // М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин кабарлары, 319-322, 2017. // извлечено от https://elibrary.ru/item.asp?id=45476378
5. Ташкулова, Г. Б. Налогообложение электронной торговли в Кыргызстане / Г. Б. Ташкулова, Ч. М. Эргешова, Ж. Обитшер Кызы // Вестник Ошского государственного университета. Экономика. – 2022. – № 1(1). – С. 114-121. – EDN: BXZWXT.
6. Аматова, У. О. Налоговое регулирование экономического развития регионов Кыргызстана как фактор стимулирования занятости / У. О. Аматова, Д. Марат Кызы, А. Бегали Кызы // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Т. 2, № 1. – С. 21-29. – DOI: 10.52754/16947452_2021_2_1_21. – EDN: VJETGZ.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ЭКОНОМИКА

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ЭКОНОМИКА

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. ECONOMICS

**e-ISSN: 1694-8734**

№1(4)/2024, 149-157

**УДК 338.2**

**DOI:** 10.52754/16948734_2024_1(4)_21

# ЭЛ АРАЛЫК ВАЛЮТА-КАРЖЫ МАМИЛЕЛЕРИНДЕ ЭКОНОМИКАЛЫК КООПСУЗДУКТУ КАМСЫЗ КЫЛУУДАГЫ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР

## НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ОБЕСПЕЧЕНИЯ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ БЕЗОПАСНОСТИ В МЕЖДУНАРОДНЫХ ВАЛЮТНО-ФИНАНСОВЫХ ОТНОШЕНИЯХ

## SOME ISSUES OF ENSURING ECONOMIC SECURITY IN INTERNATIONAL MONETARY AND FINANCIAL RELATIONS

**Сеитова Жибек Болотбековна**
*Сеитова Жибек Болотбековна*
*Seitova Zhibek Bolotbekovna*

**Э.и.к., доцент, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**
*К.э.н., доцент, Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына*
*Candidate of Economics, Associate Professor, Kyrgyz National University named after J. Balasagyna*

---

**Түркбаев Адамбек Бөрүбаевич**
*Түркбаев Адамбек Бөрүбаевич*
*Turkbaev Adambek Borubaevich*

**Э.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*К.э.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Economics, Osh State University*

---

**Бакалбаева Алила Зулпукаровна**
*Бакалбаева Алила Зулпукаровна*
*Bakalbaeva Alila Zulpukarovna*

**Окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*Преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*

---

**Өскөнбаев Өмүрбек Кеңешбекович**
*Осконбаев Омурбек Кенешбекович*
*Oskonbaev Omurbek Keneshbekovich*

**Магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*Магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's student, Osh State University*

# ЭЛ АРАЛЫК ВАЛЮТА-КАРЖЫ МАМИЛЕЛЕРИНДЕ ЭКОНОМИКАЛЫК КООПСУЗДУКТУ КАМСЫЗ КЫЛУУДАГЫ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР

**Аннотация**

Бул макалада ааламдашуу шартында мамлекеттин экономикалык коопсуздугунун компоненти катары валюта-каржы мамилелеринин актуалдуулугу, маңызы жана өзгөчөлүктөрү каралды. Мамлекеттер ортосундагы валюта-каржы-насыя мамилелерин түзүүдөгү капиталдын экспортунун жана импортунун ролу ачылат. Валюта-каржы чөйрөсүнүн тез кеңейиши жана дүйнөлүк каржы рынокторундагы операциялардын масштабынын тез өсүшү менен коштолгон ааламдашуу процесстери аныкталган. Чет элдик капиталдын улуттук каржы рынокторуна кирүүсүн либералдаштыруу саясаты көрсөтүлгөн. Кыргызстандын экономикасына инвестициялык капиталды инвестициялоонун мааниси аныкталды. Капиталдын эң кооптуу түрү катары кыска мөөнөттүү капиталдын агымына теориялык баа берилди. Ички рынокто алып-сатарлык (сүткорлук) капиталдын кыймылын жөнгө салуу жана натыйжалуу көзөмөлдөө контролдоо зарылчылыгы негизделген.

**Ачкыч сөздөр:** каржылык ааламдашуу, валюта-каржы жана насыя мамилелери, экономикалык коопсуздук, каржы рынокторун либералдаштыруу, чет өлкөлүк капитал, сүткорлук капитал, каржылык көзөмөл.

## *НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ОБЕСПЕЧЕНИЯ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ БЕЗОПАСНОСТИ В МЕЖДУНАРОДНЫХ ВАЛЮТНО-ФИНАНСОВЫХ ОТНОШЕНИЯХ*

**Аннотация**

В данной статье рассмотрена актуальность, сущность, характеристика валютно-финансовых отношений как составляющая экономической безопасности государства в условиях глобализации. Раскрыта роль экспорта и импорта капитала в становлении валютно-финансовых-кредитных отношений между государствами. Определены процессы глобализации сопровождаемые стремительным разрастанием валютно-финансовой сферы и быстрым ростом масштабов операций на мировых финансовых рынках. Исследована политика либерализации доступа иностранного капитала на национальные финансовые рынки. Определена значимость вложения инвестиционного капитала в экономику Кыргызстана. Дана теоретическая оценка потокам краткосрочного капитала как наиболее рискованной форме капитала. Обоснованы необходимость регулирования и эффективного контроля за движением спекулятивного капитала на внутреннем рынке.

***Ключевые слова:*** *финансовая глобализация, валютно-финансовые отношения, экономическая безопасность, либерализация финансовых рынков, иностранный капитал, спекулятивный капитал, финансовый контроль.*

## *SOME ISSUES OF ENSURING ECONOMIC SECURITY IN INTERNATIONAL MONETARY AND FINANCIAL RELATIONS*

**Abstract**

This article examines the relevance, essence, and characteristics of monetary and financial relations as a component of the economic security of the state in the context of globalization. The role of export and import of capital in the formation of monetary, financial and credit relations between states is revealed. The processes of globalization accompanied by the rapid expansion of the monetary and financial sphere and the rapid growth in the scale of operations in global financial markets are identified. The policy of liberalizing access of foreign capital to national financial markets has been studied.

The importance of investing investment capital in the economy of Kyrgyzstan has been determined. A theoretical assessment is given of short-term capital flows as the most risky form of capital. The need for regulation and effective control over the movement of speculative capital in the domestic market is substantiated.

***Key words:*** *financial globalization, monetary and financial relations, economic security, liberalization of financial markets, foreign capital, speculative capital, financial control.*

Кыргызстандын экономикалык коопсуздугун камсыздоо маселелери, анын ичинде валюта-каржы чөйрөсүндөгү маселелер өлкөнүн дүйнөлүк экономикалык тутумуна активдүү кошулушуна байланыштуу жаңы өңүткө ээ болду. Бир жагынан ал ачык пайда алып келет (инвестициялар жана насыялар, жаңы технологияларга жетүү, кызматташтык байланыштарын өнүктүрүү ж.б.). Экинчи жагынан, Кыргызстандын экономикасы дүйнөлүк каржы-экономикалык кырдаалдын таасирин, товарларды жана технологияларды гана эмес, алып-сатарлык (сүткорлук) капиталды да импорттоо, мунай баасына болгон тышкы экономикалык күчтүү көз карандылык жана натыйжада, валюта-каржы чөйрөсүндөгү дестабилизациянын олуттуу тобокелдиктеринин таасирлерин барган сайын сезе баштады.

Улуттук, анын ичинде экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу позициясы ааламдашуу процесстеринин улуттук экономикага тийгизген таасирин изилдөөгө, атап айтканда, валюта-каржы чөйрөсүндө өлкөнүн каржы-банк тутумуна туруксуздаштыруучу таасирин тийгизе турган шарттарды жана факторлорду аныктоого багытталган, ошол эле мезгилде чет өлкөлүк бай тажрыйбаны талдоо менен айкалыштырып, валюта-каржылык жана калыптанган тиешелүү мамлекеттик каржылык мамилелерди жөнгө салуу маселелерин аныктоого мүмкүндүк берет.

Ааламдашуу процесстери валюта-каржы чөйрөсүнүн тез кеңейиши жана дүйнөлүк финансы рынокторундагы операциялардын масштабынын тез өсүшү менен коштолууда. Акыркы он жарым жылдын ичинде улуттук чек аралар аркылуу каржылык агымдардын кыймылы ушунчалык тездик менен өскөндүктөн, капиталдын экспортунун кадимки концепциясына туура келбей жаткандыгы далил катары каралып жатты. Көпчүлүк учурда, бул реалдуу экономикалык процесстерге байланышпаган алып-сатарлык же тактап айтканда, сүткорлук капитал болуп саналат. Мындай көрүнүш 20-кылымдын башында да, ортосунда да болгон эмес. Эксперттердин айтымында, дүйнөлүк валюта жана каржы базарларындагы операциялардын жылдык көлөмү 300-400 триллион АКШ долл. ашат, ал эми өлкөлөр аралык капиталдын агымы жылына 1,5-2 триллион АКШ долл. ашпайт [8].

Каржылык ааламдашуу экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу көз карашынан алганда:

- трансчек аралык финансылык операциялардын көлөмүнүн олуттуу өсүшү;
- улуттук акча жана каржы рынокторуна алып-сатарлык (сүткорлук) капиталдын басымынын күчөшү;
- республиканын оффшордук борборлорунда каржылык жана банктык операциялардын тез өнүгүшү;
- кылмыштуу жол менен алынган капиталды легалдаштыруу көлөмүнүн өсүшү;
- туунду финансылык инструменттер менен жүргүзүлгөн операциялардын тез өсүшү;
- ааламдашуу мейкиндигиндегиндеги экономикалык мамилелердин натыйжасында валюта-каржы чөйрөсүндөгү туруксуздуктун кескин өсүшү, анын реалдуу экономикадан обочолонушу, улуттук валюта-каржы рынокторунун кеңейиши жана ачыктыгы сыяктуу өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат.

Трансчектелген каржы операциялардын көлөмүнүн олуттуу өсүшүнө чет өлкөлүк капиталдын улуттук каржы рынокторуна кирүү мүмкүндүктөрүнүн либералдаштыруу саясаты көмөктөшөт. Мындан тышкары, өнүккөн жана туруктуу каржылык жана банк тутумуна ээ болгон батыш өлкөлөрү өздөрүнүн каржы рынокторун ачса, алда канча алсыз жана начар өнүккөн каржы-банк тутумдарына ээ болгон өнүгүп келе жаткан өлкөлөр жана өткөөл экономикалуу

мүнөздөгү өлкөлөр өздөрүнүн каржы рынокторун кызыккан чет өлкөлүк капиталга валюта-каржы операцияларды жүргүзүүгө мүмкүндүк беришти.

Улуттук валюталык жана каржы рынокторунун ачылышына ЭВФунун (Эл аралык валюталык фонд) жигердүү ишмердүүлүгү кандай таасир берсе, ДСУ (Дүйнөлүк соода уюму) да четте калбай аты аталган рынокторун өнүктүрүүгө өз иши менен көмөктөштү, бул жерде ДСУ мүчө-өлкөлөрүнө уюмдун кирүү эрежелери катары каржылык кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө чет өлкөлүк капиталдын ишмердүүлүгүнө чектөөлөрдөн акырындык менен баш тартууну караган.

Учурда ДСУга мүчө 70тен ашык өлкөлөр каржылык кызмат көрсөтүү рыногун андан ары либералдаштыруу боюнча тиешелүү өз милдеттерин алышты [8], анын ичинде:

- банк жана камсыздандыруу секторлоруна чет өлкөлүк инвестициялардын чектерин жогорулатуу - Индонезия, Корея Республикасы, Малайзия, Мексика, Филиппиндер;
- чет өлкөлук банктарга (Индия) же алардын филиалдарына (Филиппин) лицензияларды берүүгө чектөөлөр;
- экономикалык максаттын ылайыктуулугуна карата каржы-банк рыногуна чет өлкөлүк капиталды киргизүү талаптарынын айрымдарын жокко чыгаруу, пайыздык чендердин жана депозиттердин тутумдарын либералдаштыруу - Корея Республикасы;
- каржылык кызмат көрсөтүүдө мамлекеттик монополияларды жоюу жана банк секторуна мамлекеттик кийлигишүү деңгээлин төмөндөтүү – Бразилия;
- чет өлкөлүк капиталга дискриминациялык чектөөлөрдү алып салуу (Индонезия).

Өнүккөн өлкөлөр финансылык кызмат көрсөтүү рыногун андан ары либералдаштыруу боюнча эң көп милдеттенмелерди алса, өнүгүп келе жаткан өлкөлөр эң аз милдеттенмелерди алышкан. Мындан тышкары, эгерде өнүккөн өлкөлөр 80ден ашык милдеттенмени толук жана 1000ден ашык – жарым-жартылай кабыл алышса, өткөөл экономикага мүнөздүү өлкөлөр валюта-каржылык тутумунун начарлашына карабастан, 231 милдеттенмени толук жана 768 – жарым-жартылай кабыл алышкан [9].

Спекулятивдик капиталдын өсүшү улуттук каржы жана банк тутумдарынын туруксуздаштыруунун олуттуу себеби болуп калды. Акыркы жылдары Ири эл аралык каржы сүткорлордун, анын ичинде хедж-фонддорунун ишмердүүлүгүнүн барган сайын активдешкени байкалып жатат. Айта кете турган нерсе, алардын негизги өзгөчөлүгү – бул уюмдар өз капиталынын өлчөмүнөн бир нече эсе чоң операцияларды жүргүзө алышат. Ошондой эле, банктар операцияларды жүргүзүүдө да капиталдын чегинен чыгат, ошол эле учурда хедж-фонддор жана башка ушул сыяктуу фонддор өз операцияларын рыноктун бир нече тар сегменттеринде жана инструменттерине топтоштурууга умтулушат.

Бул процесс аларга ачык эмес жана иш жүзүндө улуттук жөнгө салуудан көз карандысыз бойдон калуу менен, валюта-каржы рынокторунун абалына күчтүү таасир этүүгө мүмкүндүк берет [7]. Мындан тышкары, банктар каржылык ортомчулуктун салттуу функцияларынан тышкары, барган сайын валюталык жана каржылык рыноктордо операторлордун милдеттерин өзүнө алууда, натыйжада, алардын экономиканын реалдуу секторуна инвестициялоо негизги функциясы – сүткорлук мүнөздөгү каржылык операциялар менен акырын четтетилүүдө [10].

Валюта-каржы операцияларды жүргүзүү үчүн эркин шарттар, жумшак жөнгө салуу жана көзөмөлдөө, жеңилдетилген салык режимдери каржылык операциялардын орчундуу көлөмүн улуттук рыноктордон оффшордук борборлорго которууга шарт түздү. Жеңилдетилген салык салынган юрисдикцияларда дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнөн 1 миллиондон ашык компаниялар

катталган, алар аркылуу дүйнөлүк сооданын жарымына жакыны өтөт, ал эми оффшордук өлкөлөрдүн үлүшү дүйнөлүк ИДПнын 3%дан азын түзөт [7].

Маалыматтарга ылайык, оффшордук каржы борборлорунун жылдык жүгүртүүсү 7 триллион АКШ долл. ашат деп болжолдонууда жана алардын активдеринин көлөмү 11 триллион. АКШ долл. деп бааланууда. Оффшордук каржы тармагында алдыңкы позицияны банк мекемелери ээлейт жана алар ошол эле жерде жайгашкан бардык активдердин болжол менен 85% түзөт. Дүйнөдөгү дээрлик бардык ири банктар оффшорлордо. Оффшордук банктарга салынган каражаттардын көлөмү 1,5 триллион. АКШ долл. ашат.

Акыркы жылдары оффшордук борборлор инвестициялык фонддордун ар кандай түрлөрүн түзүү үчүн активдүү колдонулууда. Бүгүнкү күндө алардын аймагында 10 миңден ашык инвестициялык фонддор катталган жана институционалдык инвесторлордун маанилүү каражаттары оффшордук борборлорго топтолгон. Мисалы, Кайман аралдарында башкаруудагы инвестициялык активдердин көлөмү 250 миллиард АКШ доллардан ашат[7].

Кыргыз Республикасы тарабынан тартылган инвестициялардын дээрлик бардыгы негизинен мамлекет тарабынан макулдашылган жана алардын кандай деңгээлде пайдаланылары мамлекеттик көзөмөлдөн сырткары, тиешелүү органдардардын көз алдында болуп, ачык-айкын массалык маалымат каражаттары тарабынан белгиленип турат[6]. Бул аракеттердин баардыгы учурдагы экономикалык коопсуздук гана эмес жалпы улуттук коопсуздук маселелеринин жаралбашына алып келет. Ушул чөйрөдө жасалып жаткан ишмердүүлүк  Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 6-августундагы № 87 “Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө” Мыйзамынын негизинде аткарылып келе жатат[1], ошону менен бирге банктык жана банктык эмес мекемелердин, каржы чөйрөсүнүн ишмердүүлүгүндөгү  валюталык, каржылык жана насыялык багыттардагы каржылык мыйзам бузууларга бөгөт коюу менен талдоо иштерин жүргүзүүдө[11].

2022-жылдын жана 2023-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча, 2023-жылы Казакстан, Кытай, Нидерландия, Орусия жана Түркия Кыргызстанга 440 млн. долларга жакын инвестициялык салым кошушкан [5]. Өз каражаттарын Кыргыз Республикасынын экономикасына инвестициялаган компаниялар жөнүндө сөз кылсак.

Кытай Эл Республикасы Кыргызстанга эң көп инвестиция салган мамлекет катары, 2023-жылдын 9 айы ичинде инвестициянын жалпы агымы болжол менен 157,8 млн. АКШ долларды түздү. Негизинен инвестицияланган каражаттар кайра иштетүүчү ишканаларга, ошондой эле тазартылган мунайзаттарды өндүрүүгө, тоо-кен жана геологиялык чалгындоо иштерине багытталган.

Мындан тышкары, энергетика тармагына, атап айтканда, Сары-Жаз дарыясында ГЭС каскадын, Жогорку Нарын ГЭС каскадын жана Камбар-Ата ГЭСин куруу долбоорлоруна, ошондой эле Суусамыр-Көкөмерен ГЭС каскадында жана күн, шамал электр станцияларынын долбоорлорунда инвестициянын өсүшү да байкалган.

Учурда Кыргызстанда Кытай Эл Республикасы тарабынан негизги инвесторлор, төмөнкүлөр: “Джунда” жана “Токмок” мунай иштетүүчү заводдору, “Алтынкен” ЖЧКсы (Талдыбулак Сол жээк кени) жана “Евразиялык соода-логистикалык комплекс” инвестициялык долбоорун ишке ашыруучу «Кыргыз-Кытай инвестициялык холдинг” ЖЧКсы болуп саналат. Ошондой эле алардын катарында  Тянь-Шань керамикалык заводу, Full Gold Mining компаниясы, “Кичи-Чаарат” ЖАК, “Силк Вей” индустриалдык паркы жана “Бир алкак – бир жол тамеки өнөр жай корпорациясы” ЖЧКсы [5].




1-сүрөт. 2023-жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасына чет өлкөлүк инвестициялардын көрсөтүлгөн мамлекеттер боюнча үлүштүк салымы, % менен. [5].

2023-жылдын жылдын тогуз айында Россиядан келген инвесторлор тарабынан жалпысынан 131,7 млн. АКШ долларга жакын инвестиция тартылып, анын ичинен өндүрүш тармагына 78 млн. доллар жумшалган. Дүң жана чекене соода тармагына 49,8 млн. долларга жакын инвестиция тартылган, бул эки тармактан түшкөн кирешенин көлөмү инвестициялардын жалпы агымынын 97% түзгөн.

Белгилүү болгондой, орусиялык инвесторлор негизинен Талас жана Чүй облустарындагы ишканаларга инвестиция салышкан. Ошондой эле керектүү инвестициялык каражаттар Бишкек менен Ош шаарларынын ири ишканаларына колдоо ирээтинде инвестиция келген жана “Альянс Алтын”, “Куд Брос”, “Бишкексүт”, “Айнур завод”, “Фаберлик-Алат”, “Азро Кыргызстан”, “Газпром Кыргызстан”, “Род KG”, “Макро”, Инвест”, “ДАОГрупп”, “Газпромнефть-Азия”, “S LKG”, “Аэро Ош”, “Мотавто-KG” жана “NP Export-Import-KG” сыяктуу компаниялар акча каражаттарды кабыл алды [5].

Коңшу Казакстан тарабынан 2023-жылдын тиешелүү мезгилинде негизинен дүң жана чекене соода тармагына 54,9 млн. АКШ долларга жакын инвестиция тартылган. Ошол эле учурда, автомобиль жана мотоциклдерди оңдоо тармагына 19,4 млн. АКШ долларга жакын инвестиция келген, каржылык ортомчулук жана камсыздандыруу чөйрөсүн колдоо максатында 18,3 млн. АКШ долларга жакын инвестициялык каражаттар алынган.

Белгилей кетсек, Казакстандан келген инвесторлор Жалал-Абад жана Чүй облустарындагы, ошондой борбор калаабыз Бишкектеги ишканалардын экономикалык ишмердүүлүгүн колдоо максатында казак тарап өз каражаттарын инвестиция катары салышкан. Түз инвестициялар “Вертекс ГолдКомпани” (Vertex Gold company), “Адал Азык”, “Умай Групп”, “RG Brands Kyrgyzstan”, “Asiamotors”, “Эрнст энд Янг Аудит” жана ТОО “ТАНСУ Констракшн” сыяктуу ири компанияларга багытталган [5].

Инвестициянын көлөмү боюнча каралган мезгилдин ичинде Нидерланды мамлекети үчүнчү орунду ээледи жана 54 млн. АКШ долларын түздү. Инвестициялык каражаттар негизинен Кыргызстандагы экономикалык өндүрүштүк ишмердүүлүгүн ийгиликтүү жүргүзүп жаткан өндүрүш ишканаларына инвестиция салган. Мындан тышкары, дүң жана чекене соода чөйрөсүнө, ошондой эле маалымат жана коммуникациялар, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу чөйрөсүнө инвестициялык колдоо көрсөтүштү. Учурда Нидерландыдан

инвесторлор болуп «Нур Телеком» ЖЧКсы (“О!” уюлдук операторунун бренди менен иштейт), “Кока-Кола” ЖАК жана “М Булак микрокредиттик компаниясы” ЖЧКсы саналат [5].

Тогуз айдын жыйынтыгы боюнча Түркиядан келген түз инвестициянын көлөмү болжол менен 43 млн. АКШ долларын түздү. Инвестициялык каражат даректүү түрдө тоо-кен жана өндүрүш ишканаларына, дүң жана чекене соодага, финансылык ортомчулукка жана камсыздандырууга, ошондой эле кыймылсыз мүлк менен операцияларга жумшалган.

Учурда Кыргызстанда түрк капиталынын катышуусу менен 300дөн ашык компания иштеп жатат. Инвесторлорду кызыктырган чөйрөлөр ар түрдүү: соода жана оюн-зоок борборлорунан: VEFA, Bishkek Park, Sheraton Hotel, Beta Stores жана Beta Stores-2 тартып, банктарга (Демир банк) жана тоо-кен өнөр жайына чейин – Терексай кени жана Eti Bakir. Акыркысы түрк капиталы катышкан ишканалардын бири. Компания түркиялык ири Cengiz Holdingдин курамына кирет жана Жалал-Абад облусундагы Терек, Тереккан жана Перевальное сыяктуу кендерди иштетүүдө [5].

Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, улуттук каржы-банк рыногун чет элдик капиталга кеңири ачкан өлкөлөр, атап айтканда, экономиканы насыялоо жаатында олуттуу көйгөйлөргө туш болушу мүмкүн.

Капиталды көзөмөлдөөнүн негизги ыкмалары Биринчи дүйнөлүк согуш учурунда, өкмөттөр аскердик чыгашаларды каржылоо үчүн адекваттуу салык базасын кармап турууга муктаж болгондо иштелип чыккан.

Согуштан кийин дароо эле капиталдык көзөмөл жок боло баштады, бирок XX кылымдын 30-жылдарында мамлекеттик жөнгө салуу тутумунда өзүнүн ордун бекем ээледи. Ошол мезгилде аны колдонуунун негизги максаты улуттук рыноктон капиталдын “качып кетүү” коркунучун алдын алуу болгон. Бреттон-Вудс акча тутумунун бүткүл мезгилинде, өзгөчө согуштан кийинки мезгилде өлкөлөр, анын ичинде өнүккөн өлкөлөр, капиталдык операцияларга чектөөлөрдү активдүү колдонууну уланта беришкен. Капиталдын эл аралык кыймылын жөнгө салуу үчүн зарыл болгон көзөмөлдүк чараларды колдонуу мүмкүнчүлүгү ЭВФтин Уставында (3-бөлүм, VI “Капиталдык которуулар”) атайын каралган, аны иштеп чыгуучулардын бири Дж.М. Кейнс капиталды көзөмөлдөөнүн ачык жактоочусу болгон.

Көзөмөлдүн жактоочулары, бул улуттук валюта-каржы рыногун трансчек аралык капиталдын агымы менен байланышкан тышкы таасирлерден, атап айтканда, улуттук валютанын реалдуу алмашуу курсунун жогорулашынан, капиталдын ири агылып кирүүсүнүн инфляциялык кесепеттеринен жана капиталдын агымынын таасиринен, банк тутуму тарабынан курстук жана насыялык тобокелдиктердин бааланбай калышынан  коргоого жардам берет деп эсептешет [4]. Көзөмөл, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн салыштырмалуу алсыз экономикаларын валюта-каржылык  тобокаелдиктерден коргоонуу ыкмасы катары кызмат кылат, ошондой эле алардын тийгизген кесепеттерин жумшартат.

Ошол эле учурда көзөмөлдүн жактоочулары негизинен портфелдик инвестиция түрүндө алып-сатарлык капиталдын трансчек аралык кыймылын чектөөнү жакташат. Бир катар эксперттердин пикири боюнча, өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө карата экономикалык өсүш, негизги капиталга инвестициялардын көбөйүшү, инфляциянын төмөндөшү жана портфелдик инвестициялардын кыймылына байланыштуу операциялардын либералдашуусу процесстеринин ортосунда оң корреляция кезикпейт.

Валюта-каржылык мамилелерди мамлекеттик жөнгө салуу көйгөйлөрү боюнча бир катар изилдөөлөр, капиталдын агылып келишин көзөмөлдөө анын экспортун чектөөгө караганда кыйла натыйжалуу экендигин белгилейт [3].  Ошентип, акчалай агылып келүүнү көзөмөлдөө экономикада алып-сатарлык трансулуттук капиталдын болушун кыскартууга мүмкүндүк берет,

ал эми ири рыноктун катышуучулары капиталды экспорттоого белгиленген чектөөлөрдү айланып өтүүгө дайыма мүмкүнчүлүк алышат. Анын үстүнө капиталды сыртка чыгарууга чектөөлөр коррупцияны пайда кылып, анын чет өлкөгө чыгуусуна кошумча стимулдарды жаратат. Биринчиден, көзөмөл начар болсо, сүткорлук капиталдын агылып кириши да, өлкөдөн агылып чыгышы да мүмкүн болот. Экинчиден, капиталды импорттоого кеткен чыгымдар анын ээлери тарабынан экспорттоого кеткен чыгымдар менен ар дайым бирге каралат, ошондуктан экспортко тиешелүү чектөөлөр менен колдоого алынбаган өлкөгө капиталдын агылып киришине чектөөлөр сүткорлук капиталдын агымын оздуктоо үчүн жетишсиз болушу мүмкүн.

Демек, 1-чи таблицада көрсөтүлгөндөй 2017-жылы Кыргыз Республикасынан чет мамлекеттерге жана юрисдикцияларга финансылык ресурстардын таза агылып чыгуусунун географиясы жана жалпы агылып чыгышы (– 844) миллиард сомду түздү, ошону менен бирге Түндүк Америка өлкөлөрүнөн каржы ресурстарынын өлкөбүзгө кириши байкалды [2].

Таблица 1. – 2017-жылы Кыргыз Республикасындагы киреше жана чыгаша акча агымы жөнүндө маалымат, млн. сом

| | Операция-лардын саны | Каржы кара-жаттарынын кириши | Опера-циялар-дын саны | Акча каражат-тарынын агылып чыгышы | Операция ардын сальдосу | Каржы каражатта-рынын сальдосу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ТОП10 Европа мамлекеттери | 103 451 | 536 946 997 | 85 795 | 1191565 780 | 17 656 | 654618783 |
| ЕАЭБ мам-лекеттери | 105 996 | 529 425 216 | 90 655 | 747 655 370 | 15 341 - | 218230154 |
| Борбордук Азия мамлекеттери | 16 057 | 79 095 687 | 34 469 | 203 852 526 | - 18 412 | - 124756839 |
| ТОП8 Түштүк-Чыгыш Азия мамлекеттери | 363 | 1 878 866 | 742 | 3 530 785 | - 379 | - 1 651 919 |
| ТОП 20 офф-шордук юрисдикциялар | 335 | 753 501 | 345 | 1 965 357 | - 10 | - 1211856 |
| ТОП 6 Түш-түк Америка мамлекеттери | 5 | 28 105 | 49 | 105 284 | - 44 | - 77 178 |
| ТОП 6 Түндүк Америка мамлекеттери | 8 187 | 81 321 763 | 2 430 | 41 481 972 | 5 757 | 39 839 791 |

Мына ошентип, жыйынтыктоодо төмөнкүлөргө токтолсо болот - валюта-каржы чөйрөсүндө туруктуулукту сактоо үчүн жөнгө салуу чараларынын комплексин колдонуу максатка ылайыктуу. Маселен, Чили бир эле убакта төмөнкү чараларды колдоно баштаган: милдеттүү резервдерди түзүү, песо курсунун өзгөрүүсүнүн «коридорун» киргизүү, капиталдын агылып кирүүсүнүн таасирин, натыйжалуулугун “тазартуу” максатында борбордук банктын валюта рыногуна интервенция сыяктуу чараларды колдонгон жана чет өлкөдөн алынган кыска мөөнөттүү насыялардын көлөмүн кыскартуу максатында чет өлкөгө которулуп жаткан пайыздык кирешелерге салыкты белгилөө; каржылык базасы начар улуттук ишканалардын эл аралык каржы рынокторуна чыгуусун чектөө, резиденттер сатып алган чет өлкөлүк активдерге

минималдуу рейтингдерди белгилөө, улуттук инвесторлордун тобокелдүү жүрүм-турумун азайтуу ж.б.у.с.

Биздин оюбузча, либералдаштыруу акырындык менен жана кылдаттык менен жүргүзүлүшү керек. Экономикалык өнүгүү көз карашынын алганда эң коопсуз жана эффективдүү бул түз инвестициялардын агымы. Алардын артынан акцияларга инвестициялар жана узак мөөнөттүү карыздар келет. Эң күчтүү термелүүлөргө дуушар болгон жана көбүнчө өлкөдөгү экономикалык кырдаалга тиешеси жок, кыска мөөнөттүү капиталдын агымы эң кооптуу деп таанылат.

Кыска мөөнөттүү капиталдын агымын чектөө жана жөнгө салуу максатка ылайыктуу, кээ бир учурларда ал тургай зарыл деп эсептелет. Капиталдын кыймылын натыйжалуу көзөмөлдөөнүн өзгөчөлүгү, бир жагынан, ички рынокко сүткорлук чет элдик капиталдын киришине бөгөт коюу, анын структурасын узак мөөнөттүү инвестициялардын пайдасына өзгөртүүгө мүмкүндүк берүүсү менен айырмаланат, экинчи жагынан улуттук капиталдын өлкөдөн чыгып кетишин азайтат.

## Колдонулган адабияттар:


1. Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 6-августундагы № 87 "Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө" Мыйзамы. https://fiu.gov.kg/law/98?language=ru
2. 2017-жылдагы Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын экономикалык ишмердүүлүгү жөнүндөгү жылдык отчету. https://fiu.gov.kg/uploads/5a6852fdb3b27.pdf
3. Edwards S. How effective are capital controls? NBER. Working paper. № 7413. 1999.
4. Chinara R. Kulueva, Ayganysh A. Sayakbaeva, Kubanych K. Toktorov, Cholpon A. Nuralieva, Kalmira Dz. Ismailova.// Current Problems of the Effective Use of Resource Potential in the Development of Kyrgyzstan’s Regions: Social and Investment Aspect. /Geo-Economy of the Future: Sustainable Agriculture and Alternative Energy: Volume II. Том 2, Страницы 249 - 2631 January 2022. DOI 10.1007/978-3-030-92303-7_29. https://link.springer.com/chapter/10.1007/978-3-030-92303-7_29
5. Иностранные инвестиции: кто и сколько вложил в Кыргызстан в 2023 году? https://economist.kg/ekonomika/2023/12/29/kakiie-inostrannyie-kompanii-inviestirovali-v-kyrghyzstan/
6. Kulueva, C.R., Ismanaliev, K.K., Seitova, J.B., Turganbayeva, G.P., Tokosheva, J.A. //Targeting ESG Initiatives in the Formation of Financial Mechanisms for the Development of Bordering Territories of Kyrgyzstan. /ISBN 978-303092303-7, 978-303092302-0. DOI 10.1007/978-3-030-92303-7_29. Smart Green Innovations in Industry 4.0 for Climate Change Risk Management pp 481–489. https://link.springer.com/chapter/10.1007/978-3-031-28457-1_49
7. Пата Ж. Финансовая стабильность - новый вызов // Бизнес и банки. - 2002. - № 5. — С. 4.
8. Плисецкий Д.Е. Финансовая глобализация и экономическая безопасность. Финансы и кредит. / 4 (142). -2004. –С. 88-99.
9. Присоединение России к ВТО для сектора услуг. Финансовые услуги. Информационные материалы / / Электрондук ресурс: URL: http:// www.wto.ru/ru/content/documents/docs/finuslug.doc.
10. Синев М. Влияние глобализации на банковский бизнес / / Деньги и кредит. - 2003. - № 3. — С. 54.
11. Электрондук ресурс: URL: https://fiu.gov.kg/law/98?language=ru

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ЭКОНОМИКА**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ЭКОНОМИКА

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. ECONOMICS

**e-ISSN: 1694-8734**
№1(4)/2024, 158-163

**УДК: 331.556**
**DOI:** 10.52754/16948734_2024_1(4)_22

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭМГЕК РЫНОГУНУН УЧУРДАГЫ КӨЙГӨЛӨРҮ ЖАНА ӨНҮГҮҮ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ

## СОВРЕМЕННЫЕ ПРОБЛЕМЫ И ТЕНДЕНЦИИ РАЗВИТИЯ РЫНКА ТРУДА КЫРГЫЗСТАНА

## CURRENT PROBLEMS AND DEVELOPMENT TRENDS OF THE LABOR MARKET IN KYRGYZSTAN

**Ташиев Ниязали Маметибраимович**
*Ташиев Ниязали Маметибраимович*
*Tashiev Niiazali Mametibraimovich*

**Э.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*К.э.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Economics, Associate Professor, Osh State University*
*89niko_kg@mail.ru*

---

**Шайбеков Дастан**
*Шайбеков Дастан*
*Shaibekov Dastan*

**Магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*Магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's student, Osh State University*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭМГЕК РЫНОГУНУН УЧУРДАГЫ КӨЙГӨЛӨРҮ ЖАНА ӨНҮГҮҮ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ

**Аннотация**

Өнүгүүнүн инновациялык жолуна түшкөн заманбап экономиканын шарттарында эмгекти сарамжалдуу пайдалануу жана анын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу эң маанилүү маселе болуп саналат. Эмгек рыногу коомдун экономикалык жана социалдык турмушунун маанилүү бөлүгү болуп саналат. Эмгек рыногунун көйгөйлөрү эң маанилүү жана алардын актуалдуулугу шексиз. Дал ушул эмгек чөйрөсү ата мекендик экономиканын өсүшүнүн, анын натыйжалуулугун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуунун негизги көйгөйүнө айланууда.

**Ачкыч сөздөр:** жумушчу күчү, эмгек рыногу, жумушсуздук, эмгек рыногун мамлекеттик жөнгө салуу, миграция, региондогу жумушчу күчүнүн ашыкчалыгы.

## *СОВРЕМЕННЫЕ ПРОБЛЕМЫ И ТЕНДЕНЦИИ РАЗВИТИЯ РЫНКА ТРУДА КЫРГЫЗСТАНА*

**Аннотация**
В условиях современной экономики на инновационный путь развития, важнейшей проблемой становится рациональное использование рабочей силы и повышение ее конкурентоспособности. Рынок труда является важной составляющей частью экономической и социальной жизни общества. Проблемы рынка труда относятся к числу наиболее важных и актуальность их не вызывает сомнения. Именно сфера труда становится ключевой для роста отечественной экономики, повышения ее эффективности и уровня конкурентоспособности.

***Ключевые слова:*** *рабочая сила, рынок труда, безработица, государственное регулирование рынка труда, миграция, трудоизбыточность региона.*

## *CURRENT PROBLEMS AND DEVELOPMENT TRENDS OF THE LABOR MARKET IN KYRGYZSTAN*

**Abstract**
In the conditions of a modern economy on an innovative path of development, the most important problem is the rational use of labor and increasing its competitiveness. The labor market is an important part of the economic and social life of society. Labor market problems are among the most important and their relevance is beyond doubt. It is the sphere of labor that is becoming key to the growth of the domestic economy, increasing its efficiency and level of competitiveness.

***Keywords:*** *labor force, labor market, unemployment, state regulation of the labor market, migration, regional labor surplus.*

Ааламдашуу доорунда жана экономиканын өнүгүүнүн инновациялык жолуна өтүү шартында эмгекти сарамжалдуу пайдалануу жана анын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу эң маанилүү маселе болуп саналат. Кыргызстандын эмгек рыногунда кадрларды мотивациялоо механизминин начардыгы, өндүрүштүн төмөндөшү, калктын материалдык жана социалдык деңгээлинин жана жашоо сапатынын төмөндөшү, эмгекке суроо-талаптын жогору эместиги, жумушчу күчүнүн деградациясы, жумушсуздук, миграция жана кадрлардын билим деңгээлинин төмөндүгү негизги көйгөй боюнча калууда.

Мындай шарттарда өлкөнүн жумушчу күчүнүн квалификациялык деңгээли жана сапаты экономикалык өсүш үчүн чектөө болуп калышы мүмкүн. Демек, жумуш күчүн трансформациялоо шартында иш менен камсыз кылууну натыйжалуу жөнгө салуу үчүн мамлекеттин катышуусун активдештирүү маанилүү болуп эсептелет. Мамлекет эмгек рыногунун субъектиси катары адамдар коомдук экономикалык процесстерге таасир этиши үчүн уюштуруучулук жана экономикалык функцияларын өз убагында жана системалуу түрдө аткаруусу абзел. Мындан сырткары, мамлекет өз адамдарынын жашоо деңгээлин жогорулатууга багытталган социалдык саясатты жүргүзүүсү абзел, анткени кызмат көрсөтүүлөрдүн, билим берүүнүн жана саламаттыкты сактоонун, ошондой эле кирешенин деңгээлинин төмөндүгү өлкөнүн ичиндеги экономикалык кырдаалга терс таасирин тийгизет [6, 7].

Эмгек рыногу коомдун экономикалык жана социалдык турмушунун маанилүү бөлүгү болуп саналат. Дал ушул эмгек чөйрөсү ата мекендик экономиканын өсүшүнүн, анын натыйжалуулугун жана атаандашттыкка жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуунун негизги компоненти болуп саналат. Өлкөдө аймактар боюнча жумушчу күчүнүн ашыкча болушу да, жергиликтүү эмгек базарларында жумушчу күчүнүн жетишсиздиги да бар. Учурда эмгек рыногу социалдык-экономикалык жактан туруктуу эмес, ошондуктан калктын бакубаттуулугу анын канчалык өнүккөн жана ийкемдүү болушунан көз каранды. Республикадагы социалдык маанидеги курч көйгөй жумушсуздук жана ага катар эле квалификациялуу жумушчу күчүнүн жетишсиздиги саналат.

Азыркы учурда Кыргызстанда башка жакка көчүү, жумуш табуу жана окуу максатында ички миграция агымдары күндөн-күнгө күч ала баштады. Бирок миграциянын бул түрү Кыргызстанда мурда эле бар болчу жана административдик ыкмалар менен жөнгө салынып келген. Өлкөбүздүн экономикасынын рыноктук өнүгүү системасына өтүшү менен Кыргыз Республикасынын райондорунда жана облустарында жумуш орундарынын жетишсиздигинен же алардын толук жоктугунан ички миграциянын жолдору жана максаттары өзгөрдү.

Бир топ талдоонлордун жыйынтыктары боюнча Кыргызстан калкынын саны тез өсүп жаткан өлкө экенин көрсөттү. Демек, Кыргызстанда эмгек рыногунун калыптанышы социалдык-экономикалык жана демографиялык факторлордун таасиринен көз каранды. Төрөттүн жогорку деңгээли калктын жаш курагына жана жыныстык курамына, ошого жараша анын экономикалык активдүүлүгүнө таасирин тийгизет. Калктын жана анын эмгекке жарамдуу бөлүгүнүн өсүшү, ошондой эле түзүлгөн жумушчу орундардын салыштырмалуу жай өсүшү, калктын керектөөлөрүн канааттандыруу маселеси азыркы Кыргызстандын эң актуалдуу проблемасы болуп калууда.

Калктын жашоо деңгээлинин төмөндөшү жана жумушсуздук миграциянын маятниктик миграция (негизинен айылдан шаарга жумуш издеп же окуу үчүн) жана өлкөнүн чегинен тышкары убактылуу тышкы эмгек миграциясы (эмгек эмиграциясы) сыяктуу түрлөрүнүн өнүгүшүнө шарт түздү. Ал эми кийинки жылдарда коммутациялык миграциянын

көлөмүнүн туруктуу өсүүсү байкалууда. Миграциянын көбөйүшүнүн себептери айыл жеринде жумуш орундарынын жоктугу жана шаарларда турак жай курулушунун кыскарышы болуп саналат. Шаардык конуштар учурда көп сандагы мигранттарды кабыл ала албай жатат. Мындан тышкары, айылдын оор жана аз акы төлөнүүчү жумуш орундары айыл тургундарын кызыктырбайт жана алар шаарларда татыктуу эмгек шарттары бар, кирешеси жогору кесиптерди издешет. Ошол эле учурда керек болуп жаткан квалификациялуу кадрлардын массалык агылып кетүү процессине өкмөт тарабынан азырынча эч кандай алдын-ала чаралар көрүлө элек. Демек, учурдагы бош орундардын, айрыкча саламаттыкты сактоо жана билим берүү тармагында иштегендердин эмгек акысы жумушчулардын муктаждыктарын канааттандырбайт. Мындай абал Кыргызстанда жумушчу күчүнүн деградациясына алып келиши мүмкүн.

Жалпысынан алганда, мигранттардын кирешесинин олуттуу бөлүгүн акча которуулар түзөрүн белгилеп кетсек болот. Кыргызстандан чет өлкөгө чыккан мигранттардын 52%га жакыны айлык кирешесинин теңинен көбүн үйлөрүнө жөнөтөт. Экономисттердин айтымында, Кыргызстандагы үй-бүлөлөрдүн болжол менен 56%нын бакубаттуулугу алардын чет өлкөлөрдөгү жакындарынын эмгек ишмердүүлүгүнөн көз каранды жана ошондой эле, акча которуулар менен жакырчылыкты кыскартуунун ортосунда абдан тыгыз байланыш бар [4].

Белгилеп кетүүчү нерсе, акча которуулар кошумча киреше булагы болуу менен бирге валюта курсунун туруктуулугуна өбөлгө түзөт. Демек, өлкөнүн экономикасынын өсүшүнө оң таасирин тийгизет. Эксперттердин пикирине таянсак: «2005-жылдан бери Россияда эмгектенген мигранттардан Кыргызстанга 21 миллиарддан ашык АКШ доллары которулган, бул экономикалык абалды олуттуу өзгөртө албаганы менен өлкөнүн социалдык өнүгүүсүнө бир топ эле өбөлгө түзүп келет» [3]. Ошентип, жумушчу күчүн экспорттоодон түшкөн кирешеден дагы олуттуу маселе эмгек миграциясын жөнгө салуу боюнча мамлекеттик саясатты күчөтүү абзел.

Белгилүү болгондой, төрөттүн жогорку көрсөткүчүнөн улам Кыргызстан эмгек рыногуна басымды түздөн-түз күчөткөн жумушчу күчү бар өлкө катары карасак болот. Буга Кыргызстанда эмгекке жарамдуу калктын өсүү темпи жумушчу күчүнүн өсүү темпинен бир топ жогору экендигин көрсөткөн расмий статистиканын талдоосу далил болот. Иш менен камсыз кылууну тыкыр талдоо үчүн 1-таблицага көңүл бурабыз.

Таблица 1.- Кыргызстандын эмгек ресурстары жана калктын иш менен камсыз болушу [2].

| Көрсөткүчтөр | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Эмгек ресурстары, миң адам | 3759,5 | 3798,5 | 3824,7 | 3928,5 | 3984,4 |
| Жалпы калктын санына болгон катышы % менен | 58,8 | 58,2 | 58,1 | 58,7 | 57,1 |
| Экономикалык жактан активдүү калк, миң адам | 2538,7 | 2583,6 | 2595,4 | 2680,5 | 2712,7 |
| % | 48,9 | 48,6 | 47,8 | 47,7 | 46,7 |
| Жумуш менен алектенгендер, миң адам | 2382,5 | 2442,7 | 2445,2 | 2537,9 | 2581,1 |
| % | 56,2 | 57 | 56,6 | 57,1 | 57,1 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| жумушсуздар, миң адам | 156,3 | 140,9 | 150,2 | 142,6 | 131,6 |
| % | 6,2 | 5,5 | 5,8 | 5,3 | 4,9 |
| Экономикалык жактан активдүү эмес калк, миң адам | 2449 | 2497 | 2601 | 2674 | 2786 |
| % | 38,6 | 39,2 | 38,9 | 38,8 | 38,9 |
| Окуу менен алектенгендер, миң адам | 541 | 554 | 592 | 602 | 615 |
| % | 22,1 | 22,2 | 22,8 | 22,5 | 22,1 |

Таблицада көрүнүп тургандай, 2018-жылдан 2022-жылга чейинки мезгилде эмгекке жарамдуу калктын өсүшү 224,9 миң адамды (5,9%) түзсө, ошол эле мезгилде жумушчу күчү (экономикалык активдүү калк) 174 мин адамга гана өскөн (6,8%), ал эми иштегендердин саны 198,6 миң адамды (8,3%) түздү. Ошентип, 2018-2022-жылдары эмгекке жарамдуу калктын өсүү динамикасы эмгек ресурстарынын өсүү динамикасынан алда канча ашып түшөт.

Биздин талдоо көрсөткөндөй, 2018-жылдан 2022-жылга чейин жумушсуз калк 15,8%га кыскарган. Бул бүгүнкү күндө Кыргызстанда эмгек рыногунда жумушчу күчүнүн көбөйүшү менен ишканалардын ага болгон суроо-талаптары өсүп жаткандыгынан кабар берет.

Жаштар арасында жумушсуздуктун көп болушунун себеби - кадрларды даярдоо системасынын начардыгы. Мындан тышкары, акыркы жылдары Кыргыз Республикасында жумушчу күчүнүн сапатына иш берүүчүлөрдүн талаптары көбөйүп, эмгек рыногу менен билим берүүнүн ортосунда ырааттуулуктун жоктугу бул дисбалансты күчөтүүдө. Негизинен жаштар арасында жумушсуздуктун маанилүү себептеринин бири окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү менен эмгек ресурстарын керектөөчүлөр ортосундагы дал келбестиктер болуп саналат. Бул кесиптердин, адистиктердин жана квалификациялардын дал келбегендигинен гана эмес, билим деңгээлинин төмөндүгүнөн да болушу мүмкүн.

Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе иш берүүчүлөр тарабынан вакантык орундарга талапкер болгон жактарга негизги талап катары иш тажрыйбасын коюшууда. Натыйжада иш тажрыйбасынын жоктугунан жаш адистерди ишке орноштурууда көйгөй жаралууда.

Кыргызстанда мамлекеттик бюджеттин эсебинен окуган ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү мамлекеттик ишканаларда же уюмдарда 3 жыл иштегенден кийин гана диплом алышат [1]. Белгилей кетсек, эмгек рыногунда суроо-талап менен сунуштун тең салмактуулугун камсыздоо үчүн жогорку окуу жайлары менен иш берүүчүлөрдүн (мамлекеттик жана жеке ишканалар) кызматташуусу зарыл.

Өлкөдөгү менчиктештирүү процесси жеке сектордо жумуш орундарынын көбөйүшүнө жана мамлекеттик сектордо жумуштуулуктун кыскарышына алып келди. Ошол эле учурда жеке сектордо иш менен камсыз кылуунун өсүшү калк арасында дыйканчылыкты жана жеке көмөкчү чарбаларды өнүктүрүү менен коштолду.

Кыргызстанда айлык акынын аздыгынан улам калктын көбөйүп жаткан саны кошумча жумуш табууга аргасыз кылууда, б.а. бүгүнкү күндө көпчүлүк квалификациялуу адистер экинчи иш менен алектенишет. Ошентип, калктын табигый өсүшүнүн жана түзүлгөн жумуш орундарынын салыштырмалуу жай өсүшүнүн себебинен калктын жумушка болгон

муктаждыгын канааттандыруу маселеси азыркы замандын эң актуалдуу маселеси болуп саналат.

Ички эмгек рыногунун көйгөйлөрүн чечүү миграциялык саясат, билим берүү жана саламаттыкты сактоо, ошондой эле аймактарды өнүктүрүү жаатындагы ыраттуу мамлекеттик саясат менен ишке ашат.

Бирок, бир гана мамлекеттик органдардын аракетине таянуу менен абалды түп-тамырынан бери оңдоо мүмкүн эмес. Ишканалар тарабынан дагы эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу максатында эмгек рыногундагы кырдаалды жакшыртуу боюнча активдүү иш алып баруусу тийиш.

## Колдонулган адабияттар:


1. Кыргыз Республикасынын Жогорку жана орто атайын окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн бөлүштүрүү жана пайдалануу жөнүндө жобо 09.04.2001-ж. № 519 жана 02.02.2010-ж № 52.
2. “Занятость и безработица” итоги интегрированного выборочного обследования бюджетов домашних хозяйств и рабочей силы в 2022 году от 31.10.2023г. https://stat.kg/ru/publications/zanyatost-i-bezrabotica-itogi-integrirovannogo-vyborochnogo-obsledovaniya-byudzhetov-domashnih-hozyajstv-i-rabochej-sily-v-2013g/
3. “Спутник Кыргызстан” - https://ru.sputnik.kg/20190212/kyrgyzstan-russia-perevody-migranty-grafik-1043299598.html
4. Эргешбаев У.Ж., Момбекова Г.Б. Влияние денежных переводов трудовых мигрантов на социально-экономическое развитие Кыргызстана [Текст] /У.Ж.Эргешбаев, Г.Б. Момбекова//Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук- 2016.- № 2. - с.114-117.
5. Эргешбаев У.Ж., Максытова Б.Т. Влияние миграции на экономическое развитие региона [Текст]/У.Ж.Эргешбаев, Б.Т.Максытова// Вестник Кыргызско-Российского славянского университета -2016. Т. 16. - № 2. – с. 161-163.
6. Макыев, А. Т. Миграциялык процесстердин коомдун өнүгүшүнө тийгизген таасирлери жөнүндө / А. Т. Макыев, Б. М. Мурзакулов // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 2, No. 1. – P. 65-71. – DOI: 10.52754/16947452_2021_2_1_64. – EDN: WXOKVS.
7. Сатыбалдиева, А. А. Задачи инновационного подхода в использовании трудовых ресурсов в сфере предпринимательства / А. А. Сатыбалдиева, Ж. Курсанбек Кызы // Вестник Ошского государственного университета. Экономика. – 2022. – № 1(1). – С. 65-72. – EDN: EUVAAA.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ЭКОНОМИКА

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ЭКОНОМИКА

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. ECONOMICS

**e-ISSN: 1694-8734**
№1(4)/2024, 164-171

**УДК: 341.6**
**DOI:** 10.52754/16948734_2024_1(4)_23

# ТУРУКСУЗДУК ШАРТТАРДА БАНКРОТТУК ИНСТИТУТУНУН ЗАМАНБАП КӨЙГӨЙЛӨРҮ: ТЫШКЫ ЖАНА АТА МЕКЕНДИК АСПЕКТИЛЕР

# СОВРЕМЕННЫЕ ПРОБЛЕМЫ ИНСИТУТА БАНКРОТСТВА В УСЛОВИЯХ ТУРБУЛЕНТНОСТИ: ЗАРУБЕЖНЫЙ И ОТЕЧЕСТВЕННЫЙ АСПЕКТЫ

# MODERN PROBLEMS OF BANKRUPTCY INSTITUTION IN TURBULENCE CONDITIONS: FOREIGN AND DOMESTIC ASPECTS

**Кулуева Чинара Раимкуловна**
*Кулуева Чинара Раимкуловна*
*Kulueva Chinara Raimkulovna*

**Э.и.д., профессор, Ош мамлекеттик университети**
*Д.э.н., профессор, Ошский государственный университет*
*Doctor of Economics, Professor, Osh State University*
*ch.kulueva@mail.ru*

---

**Сеитова Каныкей Болотбековна**
